# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ДЕКАБРЬ 2014 | № 12 (37) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Техникалык редактор
***Айганыш Качаганова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

ISBN 1694-7053

## БУЛ САНДА:

**Көңүл чордонунда**

Электрификациялоону талкуулоодогу чыңалуу . . . . . . . . . . . . . . . . 2

Кырдаалга сереп: коммунизм жок – демек электрификациялоо да керек эмеспи?. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6

**Мыйзамдагы жаңылыктар**

Жогорку Кеңеш жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү маселесин кеңири талкуулоодо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 9

**Сынактар жана гранттар**

Плакаттын “одуракай” тили жергиликтүү маанидеги маселелер менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун фундаменталдуу баалуулуктарын бириктирет . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 13

“БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР. 2014” плакаттар сынагынын жеңүүчүлөрүн куттуктайбыз! . . . . . . . . . . . . . . . . . 16

**Маалымат алмашуу жана аймактык журналистика**

Жамааттык ММК – бул жарандар менен башкаруу органдары ортосундагы көпүрө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 17

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы жаңы жамааттык ММКга дем берет . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 21

Сегиз күндүн ичинде 60 маалымат бюллетени . . . . . . . . . . . . . 24

Маалымат бюллетенин чыгаруу: ченемдик укуктук негиздеме жана каржылоонун аспекттери. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 30

**Жарандардын ЖӨБга катышуусу**

Ысык-Көл облусунда тажрыйба алмашуу боюнча сапар: кеңештер бекемдөөдө, ЖӨБнын жумуштары жана кызмат көрсөтүүлөрү ачык-айкын болууда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 31

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары**

Кум-Бел аймагынын тургундары эми таза жерде жашашат. . . . . . 35

Жалал-Абад облусунун Баймундуз айылынын мектепке чейинки токсон окуучусу жаңы ачылган “Баястан” бала бакчасына барышат . . . . . . . 36

Дем берүүчү гранттарды бөлүштүрүүнүн натыйжалуулугу артууда. . 37

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар үчүн пилоттук окуулардын цикли аяктады . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 37

Арал АА өкүлдөрү үчүн муниципалдык сайтты башкаруу боюнча практикалык семинар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 38

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун өнөктөштөрү Польшанын борборлоштурууну азайтуу тажрыйбасын үйрөнүштү . . . . . . . . . . 38



# ЭЛЕКТРИФИКАЦИЯЛООНУ талкуулоодогу чыңалуу

**2014-жылдын 26-декабрында Жогорку Кеңештин Отун-энергетика комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитети Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору менен биргеликте "Жаңы керектөөчүлөрдү электр менен жабдууну камсыздоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы көйгөйлөр" темасына тегерек стол өткөрүштү.**

Талкуу электр энергиясына жете албаган жаңы керектөөчүлөрдү электр жарыгы менен камсыздоо маселесинин, ошондой эле ЖК депутаттары Кенжебек БОКОЕВ менен Кожобек РЫСПАЕВдин бул көйгөйдү чечүүгө багытталган мыйзам долбоорунун тегерегинде болду. 2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын энергетика тууралуу бөлүмү менен байланышы мыйзам долбооруна өзгөчө маанини берүүдө (биринчи кезекте ички керектөөчүлөргө ишенимдүү жана үзгүлтүксүз электр энергияны жеткирүүнү камсыздоо жаатында).

Тегерек столдун программасына ылайык, КР Жогорку Кеңешинин Отун-энергетика комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитетинин төрагасы Кожобек РЫСПАЕВ сөз сүйлөдү. Депутаттын ишениминде, жаңы керектөөчүлөрдү электр менен жабдууну биринчи кезекте бөлүштүрүүчү компаниялар колго алыш керек. "Алар электр энергиясын сатат жана калк бул үчүн акча төлөп жатат. Ошону менен бирге





электр өткөрүүчү жаңы линиялардын курулушу менен дээрлик эч ким алектенген жок. Кээде бул үчүн чыгашаларды өзүнө ЖӨБ органдары же калк алууда. Ошондуктан энергияны ким сатса, ошол жаңы түйүндөрдү куруш керек деп мыйзамда так бекитилиш керек"[1].

Энергетика жана өнөр жай министри Кубанычбек ТУРДУБАЕВдин катышуусу жана позициясы талкууга курчтук кошкондой болду: "Жаңы конуштарды электрификациялоо – буга чейин мындай жогорку деңгээлде көтөрүлбөй келген өтө актуалдуу маселе". Министр бүгүнкү күндө энергокомпаниялар жаңы конуштарды электрификациялоого жөндөмсүз болгонун, себеби алардын бюджетинде бул максатка каражаттар каралбаганын өкүнүч менен мойнуна алды. «Бөлүштүрүүчү компаниялардын бюджеттеринин чыгаша бөлүгү 4 млрд. 412 млн. сомду түзөт. Ал эми бүгүнкү күндө биздин алдын ала эсептөөлөрүбүз боюнча, жаңы конуштарды электрификациялоо үчүн гана 4 млрд. 474 млн. сом талап кылынат. Ошондуктан бөлүштүрүүчү компаниялардын каражаты болгон түйүндөрдү ишке жарактуу абалда гана кармап турууга жетет. Алар жаңы конуштарды электр менен жабдуу маселесин өз алдынча чече албары анык.

[1]Ушул жерде жана мындан ары Максим ЦОЙдун материалынан үзүндүлөр колдонулду. Толук текстти төмөнкү шилтеме боюнча таба аласыз. 2014-жылдын 26-декабры, http://www.vb.kg/298134



Ошондуктан бул маселени депутаттар көтөрүп чыкканы жакшы болду", - деп белгиледи Энергетика жана өнөр жай министрлигинин башчысы. Ал ошондой эле бардык чыгашаларды бюджетке үйүп коюу адилетсиз болорун, ошондуктан алардын бир бөлүгү тарифке киргизилиши керектигин кошумчалады.

"Азыркы тариф бул чыгымдарды жаппайт жана биз бул тууралуу ачык айтышыбыз керек. Жаңы конуштарды электрификациялоону каржылоо маселесин бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү же донорлорду тартуу менен узак мөөнөттүү долбоорду түзүү аркылуу чечүүгө болот. Ошол долбоорго ылайык орто мөөнөттүү тарифтик саясатты азыртадан эле түзөтүү керек. Экинчи жол, менин баамымда, көбүрөөк реалдуу. Бирок айкалыштырылган мамиле да мүмкүн", - деп сөзүн жыйынтыктады ТУРДУБАЕВ.

Талкууланган теманын алкагында КР Финансы министрлигинин өкүлдөрү, айыл өкмөт башчылар, айылдык кеңештердин төрагалары жана депутаттары, көз карандысыз эксперттер жана бейөкмөт



уюмдардын өкүлдөрү жигердүү сөз сүйлөп, кызыкдарлыгын билдиришти. Мисалы, Энергетика министрлигине караштуу коомдук байкоочу кеңештин мурдагы мүчөсү Рита КАРАСАРТОВА "капиталдык курулуш" беренесин каржылоо энергетикадагы эң негизги көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелет деген ойдо. Анын баамында, сунушталып жаткан мыйзамдык толуктоолор кырдаалды оңдой албайт.

"Мыйзам чыгаруучулар жаңы электр түйүндөрүнүн курулушун кайрадан эле республикалык бюджеттен, бөлүштүрүүчү компаниялардын каражатынын эсебинен каржылоону, ошондой эле жергиликтүү бюджеттерди бул ишке тартууну сунуштап жатышат. Башкача айтканда, кайра эле баары бир жерге үйүлүп калууда. Натыйжада бардык тараптар айыпты бири-бирине гана оодара баштайт. Анткени сөз чоң каражаттар тууралуу болуп жатпайбы. Ал эми республикалык бюд-



жетте адатта таңсыктык, айыл өкмөтүндө электр менен жабдуудан тышкары башка толгон-токой көйгөйлөр бар”, - деп белгиледи КАРАСАРТОВА.

Анын айтымында, жеке инвесторлорду тартып, чарба жүргүзүүчү субъекттер ортосунда нормалдуу өз ара мамилелерди куруу менен маселени жөнгө салса болот. “Эгерде жергиликтүү бийлик органдарында акча болсо, алар электр түйүндөрүн кура алышат. Бирок ошол активдерди энергокомпаниялардын балансына өткөрүп берүү менен шаар “Бишкекжарык” муниципалдык ишканасынын карыздарынан улам электр жарыгысыз отуруп калууда. Эмне үчүн муниципалитет энергетикалык инфраструктуранын кеңейүүсүнө ири көлөмдөгү каражатты салса да жарыксыз калууда деген суроо пайда болот”, - деп суроо узатат коомдук активист. Ал мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү жигердүү өнүктүрүү керектигин да кошумчалайт. Инвесторлорду жаңы электр түйүндөрүнүн курулушуна тартуу үчүн келечекте аларда энергияны төмөн баада алуу мүмкүнчүлүгү болот деген кепилдик берилиш керек. Мындай учурда алар аны калкка учурдагы тариф боюнча сата алышат.

“Рынокко чукул арада көбөйүп кеткен ортомчул электр компаниялар кирип, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк деген жакшы идеяны бузуп салышкан. Алар инфраструктуранын өнүгүүсү менен алектенишпейт. Бирок ошону менен бирге электр жарыгын алып сатуунун эсебинен чоң киреше табышат. Ошондуктан ар кандай демилге пайда болгон учурда баарынын оюнда “күңүрт схемалар” түзүлдү деген шектенүүлөр пайда болот”, - деп белгиледи КАРАСАРТОВА.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү да эмоционалдуу жана ачык сүйлөштү. Айталы, Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Көл-Төр айыл өкмөтүнүн башчысы Кубан АЗИМОВ ачык айтты: “Так белгиленген эрежелер жана бул көйгөйдү чечүү үчүн жооптуулар мыйзамдарда көрсөтүлбөгөндүктөн бүгүнкү күндө биринчи кезекте ЖӨБ органдары оор кырдаалда калууда. Анткени калктын саны өсүүдө, жаңы турак жайлар курулуп, конуштар кеңейүүдө. Натыйжада аларды электрификациялоо маселеси көтөрүлүп келет. Калк бул маселе менен БЭСке кайрылат, бирок ал муну жергиликтүү маанидеги маселе деп эсептеп, жарандарды айыл өкмөтүнө жиберет. Натыйжада калк жергиликтүү бийликтин өкүлү катары айыл өкмөттөн электр жабдууларын жергиликтүү бюджеттин эсебинен сатып алууну жана орнотууну талап кылат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамга ылайык, айыл өкмөтү жалпы колдонуудагы жерлерди жарыктандырууну гана камсыздаш керек, жаңы конуштарды электрификациялоо маселеси болсо жергиликтүү маанидеги маселелердин категориясына кошулган эмес.

Эгерде бул маселени жергиликтүү бюджеттин эсебинен чече баштасаң, жергиликтүү бюджеттеги каражатты максатсыз пайдаландың деген айып менен түрмөгө түшөсүң. Эгерде бул маселени чечүүдөн баш тартсаң, анда сени калк жана жергиликтүү кеңештин депутаттары жек көрүп калышат. Туңгуюк кырдаал түзүлүүдө! Адамдарга жардам берейин десең өзүң үчүн маселе жаралып калат.

Бирок маселени чечүүнүн кандайдыр бир жолдорун таап, трансформаторлорду коюп, линияларды өткөрүп, калкты электр энергиясы менен камсыздасаң да келечекте мындан да оор кырдаалда каласың. Себеби андан кийин ошол электр жабдууларын тейлешиң керек, ал эми айыл өкмөтүнүн штатында электриктер да, тейлөө укугу да жок. БЭС өз кезегинде өзүнө жоопкерчиликти алып, бир нерсе жасагысы келбейт. Жасаган күндө да жергиликтүү бюджеттин эсебинен сатып алынган бардык электр жабдууларды анын балансына өткөрүп берүүнү талап кылышат. Ал эми муниципалдык менчик жөнүндө мыйзам ЖӨБ органдарына муниципалдык менчикти башка жактарга бекер берүүгө тыюу салат. Мына ушундай курч маселелер бүгүнкү күндө бардыгыбызды тынчсыздандырып турат. Мыйзамдардагы ушундай карама-каршылыктарды чукул арада жөнгө салыш керек. Болбосо кайсы бир айыл өкмөт башчысы адамдарга жардам берем деп жатып, өзү бир заматта айыпталуучуга айланып калышы мүмкүн”.

ЖӨБ өкүлү мыйзам долбооруна маанилүү тактоо киргизүүнү сунуштады: ЖӨБ органдары электрификациялоо максатында жергиликтүү бюджеттеги каражатты колдонгон учурда ошол каражаттарды ЖӨБ органдарына республикалык



бюджеттин же энергокомпаниялардын каражатынын эсебинен толуктап берүүнүн жол-жобосун жазуу керек. "Көпчүлүк аймактар дотацияда кала берүүдө, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн аларга каражат жетишпейт. Ошондуктан керектелген электр энергиянын эсебинен же акча менен өз ара эсептешүү аркылуу жергиликтүү бюджеттин каражатынын ордун толуктоо жолдору мыйзамда каралыш керек", - деп сөзүн жыйынтыктады Кубан АЗИМОВ.

Көтөрүлгөн маселенин коом үчүн маанисин жана актуалдуулугун эсепке алуу менен, иш-чаранын жыйынтыгы боюнча Жогорку Кеңештин Отун-энергетика комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитетинин төрагасы К.РЫСПАЕВ катышуучулардын пикирлерин жана сунуштарын эске алуу менен, тегерек столдун төмөнкүдөй резолюциясын кабыл алууну сунуштады:

- иш-чаранын катышуучулары ЖК депутаттары К.БОКОЕВ жана К.РЫСПАЕВ демилгелеп чыккан "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдык актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР мыйзам долбоорун жалпысынан жактырышты;
- КР Өкмөтүнө Жогорку Кеңештин Отун-энергетика комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитетине аталган мыйзам долбоору боюнча КР Өкмөтүнүн бүтүмүн киргизүү сунушталды;
- Жогорку Кеңештин Отун-энергетика комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитетине тегерек столдун катышуучуларынын пикирлерин жана сунуштарын эсепке алуу менен отурумда мыйзам долбоорун жана КР Өкмөтүнүн бүтүмүн карап чыгуу сунушталды.

## Мыйзам долбоорунун маңызы - "суроо-талабы бар кардар" деген түшүнүктү киргизүү

Мыйзам долбоору менен "Электр энергетика жөнүндө" КР Мыйзамын "электр жабдууга суроо-талапты жүзөгө ашырган кардар" жаңы түшүнүгү менен толуктоо сунушталат. Анда электр энергиясы менен камсыздоого муктаж болгон жаңы керектөөчүлөр камтылган. Мыйзамда каралган "тиричилик үчүн колдонгон абонент, тиричилик үчүн колдонгон керектөөчү" аныктамалары, тилекке каршы, электр энергиясын колдонуп жаткан керектөөчүлөргө тиешелүү жана электр менен жабдууга муктаж жаңы керектөөчүлөр (кардарлар) үчүн мыйзамда аныктама каралган эмес.

Суроо-талап жолдогон жаңы кардарларды электр менен жабдууну камсыздоо үчүн мыйзам долбоору менен "Электр энергетика жөнүндө" КР Мыйзамын жаңы 14-1-беренеси менен толуктоо сунушталат. Бул беренеге ылайык, суроо-талап жолдогон жаңы кардарларды электр менен жабдууну камсыздоо ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган электр энергетикалык ишканалар тарабынан республикалык бюджеттеги каражаттардын эсебинен жана электр энергетикалык ишканалар өз программаларын аткаруусунун алкагында алардын каражатынын эсебинен жүзөгө ашырылыш керек.



Ошону менен бирге мыйзам долбоору ЖӨБ органдарына мүмкүнчүлүк болгондо жана жергиликтүү бюджетте каражат табылган учурда жаңы керектөөчүлөрдү электр менен жабдууну жүзөгө ашыруу укугун берет. Бул норма ЖӨБ органдарына ушул маселени чечүү үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартуу мүмкүнчүлүгүн бермекчи.

Андан ары мыйзам долбоору жаңы керектөөчүлөрдү алардын макулдугу менен өз каражаттарынын эсебинен электр менен жабдууну камсыздоого уруксат берет. Ошону менен бирге керектөөчүлөрдүн өзүн-өзү электр менен жабдууну камсыздоого багытталган материалдык чыгымдарын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган республикалык бюджеттеги каражаттын эсебинен же электр энергетикалык ишканалардын өз каражаттарынын эсебинен толуктап берүүгө тийиш. Ошону менен бирге керектөөчүлөрдү электр менен жабдуу жана электр жабдууларын тейлөө боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын электр энергетикалык ишканалар менен, ошондой эле кардарлардын электр энергетикалык ишканалар менен өз ара мамилелеринин тартибин КР Өкмөтү белгилеш керек. M



*Плакаттын автору – “БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! 2014” плакаттар сынагынын катышуучусу КУБАНЫЧБЕК уулу Арсланбек, 15 жаш, Чолпон-Атадагы балдар көркөм мектеби*



**Бектур ОРОЗБАЕВ,** ӨСИнин ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адиси

# Кырдаалга сереп: коммунизм жок – демек электрификациялоо да керек эмеспи?

## Электрификациялоо коммунисттердин тынчын алган. Ал эми демократтардынчы?

Өлкөнүн ири шаарларынын жана айылдарынын тегерегиндеги туш келди курулуштар, башкача айтканда “жаңы конуштар” – бул бүтүндөй өлкөнүн санаасын алган тема. Ички миграциянын жана калктын өсүшүнүн айынан анын мааниси да кошо өсүүдө.

Кыргызстанда 1989-жылы түрдүү аймактардан шаарларга агылган ички миграция бейформал жана жарым-жартылай расмий конуштарга – жаңы конуштарга алып келди. Алар эки экономикалык борбордо – Бишкекте жана Ошто катуу кеңейип жатат. Башка шаарларда жана айылдарда да жаңы конуштар пайда болууда. Ал жактарда негизинен жаш үй-бүлөлөр же башка региондордон же өлкөлөрдөн келген мигранттар орун-очок алууда.

Советтер Союзу маалында жаңы конуштардын инфраструктурасын өнүктүрүү жана алардын электр энергиясына жеткиликтүүлүк маселеси мамлекеттик пландоо жана мамлекеттин бардык структураларынын жана электр энергия жаатындагы атайын курулуш уюмдарынын (мисалы, Кыр-

гызэлектркурулушу, Кыргызайылкурулушу ж.б.) катышуусу менен каражаттарды бөлүштүрүү аркылуу чечилчү. Мында жергиликтүү мамлекеттик структуралар тапшырыкчы болчу. Болжолдуу баалоо боюнча, жыл сайын Киргиз ССРинин энергосистемасына 65 млн. доллар бөлүнүп турчу. Электр энергиясы менен дээрлик бардык калктуу конуштар камсыздалып, борборлоштурулган электр менен жабдуу системасы калктын 99% камтычу.

Эгемендик алгандан кийин Кыргыз Республикасынын энергетикалык сектору олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду: "Кыргызэнерго" АК өңдүү бирдиктүү ири энергохолдинг функционалдык белгилери боюнча бир нече компанияга кайра уюшулган. Ал эми жаңы аймактарды электр менен жабдууну камсыздоо маселеси унутта калып, эч кимдин компетенциясына кошулган эмес. Натыйжада жаңы аймактарды электрификациялоо үчүн эч ким жоопкерчилик албагандай кырдаал түзүлдү. "Кыргызэнерго" АК кайра уюшулгандын жана анын мүлктүк комплексин бөлүштүрүүнүн натыйжасында бир катар электр энергетикалык компаниялар пайда болду. Эми электр энергиясынын өндүрүшүн «Электрстанциялар» ААК жүзөгө ашырып келет. Электр энергиясын жогорку вольттогу түйүндөр менен өткөрүүнү "Кыргызстандын Улуттук электр түйүнү" ААК жүзөгө ашырат. Электр энергиясын соңку керектөөчүгө чейин 35 кВт жана андан төмөн түйүн боюнча бөлүштүрүү функциясын негизинен төрт аймактык (монополдук) электр бөлүштүрүүчү компания аткарат. Алар: "Түндүкэлектр" ААК, "Чыгышэлектр" ААК, "Ошэлектр" ААК жана "Жалал-Абадэлектр" ААК. Ошондой эле чакан жеке компаниялар да бар.

Бөлүштүрүүчү компаниялар өз уставына ылайык, электр энергияны сатып алууну, жеткирүүнү, бөлүштүрүүнү жана сатууну жүзөгө ашырат. Ал эми электрди жеткирүүчү линияларды өткөрүүнү, трансформаторлорду жана ЭЖЛ таянычтарын сатып алууну ЖӨБ органдарынын компетенциясына кирген жергиликтүү маанидеги маселелер деп эсептешет. ЖӨБ органдары жана мамлекеттик органдар, анын ичинде КР Каржы министрлиги (КР каржы министри О.ЛАВРОВАнын КР ЖК депутаты К.Ж.РЫСПАЕВге 2014-жылдын 22-январындагы №08-2-1/70 катын караңыз) өз кезегинде бул маселени мамлекеттик маанидеги маселелерге киргизет) жана аны чечүүнү энергокомпаниялардын карамагына жиберет.

Кургак калдык – эч ким электрификациялоо маселелери үчүн жооп бербейт. Ал эми жарандарчы? Колдон келген айласын табышат. Бийликке кандай "кысым" болгонуна жараша түрдүү натыйжалар чыгышы мүмкүн. Бирок электрификациялоонун негизги кыймылдаткыч күчү болуп жамааттын өзү кала берүүдө. Бүгүн жаңы керектөөчүлөрдү (кардарлар) электр менен жабдуу маселеси жеке чечилет, анда бардык мүмкүн болгон жергиликтүү жана тышкы ресурстар жеке маанайда чечилет:

- ЖӨБ органдары өз эсебинен (республикалык бюджеттен дотация болбогон учурда);
- ЖӨБ органдары + жамаат;
- ЖӨБ органдары + жамаат + дем берүүчү гранттардан каражаттар;
- ЖӨБ органдары + жамаат +БЭС;
- ЖӨБ органдары + жамаат + электр энергияны жеке жеткирүүчү;
- ЖӨБ органдары + жамаат + донордук каражаттар;
- жамаат + донордук каражаттар.

Болжолдуу баалоолор боюнча жаңы конуштардын саны:

- Бишкек шаарынын четтеринде – 52 жаңы турак жай массиви (Чүй облусунда башка региондорго салыштырмалуу жаңы конуштар көбүрөөк, анткени бул регионго миграция көбүрөөк агылат);
- Ош шаарынын тегерегинде – 8 жаңы конуш (Фуркат, Ишкаван, Түштүк, Ташлак, Жапалак, Дача участогу, Ак-Тилек ж.б.);
- Жалал-Абад шаарынын тегерегинде 10 жаңы конуш, облустагы жаңы конуштардын саны такталган эмес);
- Ысык-Көл облусунда: Каракол шаарында 6 жаңы конуш, Балыкчыда – 4, баары электрификациялоого муктаж; райондордун кесигинде кошумча: Ысык-Көл – 13, Тоң – 9, Жети-Өгүз – 15, Ак-Суу – 10, Түп - 18[1];
- Нарын облусу башка региондорго миграция менен айырмаланат, бирок буга карабастан облуста жаңы конуштар чакан масштабда бардык калктуу конуштарда бар. Бул калктын санын өсүшүнө жана жаш үй-бүлөлөрдүн пайда болушуна байланыштуу. Жаңы конуштардын жалпы саны 100дүн тегерегинде;
- Баткен жана Талас облустарында жарым-жартылай расмий жаңы конуштардын көйгөйлөрүнө кошумча башка өлкө менен чек аралардын аспекттери да кошулууда, ал жактарда бул көйгөйлөр актуалдуураак.

Электр энергияны керектөөнүн жылына 3-5% өсүшү жаңы кубаттуулуктардын өсүшүнөн ашып кетүүдө. Акыркы беш жылда калктын электр энергияны керектөөнүн салыштырмалуу салмагы 8 пайызга өскөн[2].

2013-жылы ЮНИСОН Коомдук фонду жүргүзгөн "Электр энергиясын бөлүштүрүү системасын баалоо" аттуу социологиялык изилдөөгө ылайык, электр жарыгына жаңы кошулууларга болгон керектөө аймактар боюнча төмөнкүдөй:

- Бишкек шаары– 32, 7%,

---

1 "2013-жылга "Чыгышэлектр" ААК Ысык-Көл облусу боюнча 2013-жылы жаңы конуштарды электрификациялоону талап кылган пландалган жаңы объекттердин тизмеги", Ысык-Көл Өнүктүрүү фонду үчүн облустук администрациянын маалыматы.

2 КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-апрелиндеги №218 токтому менен жактырылган 2013-2017-жылдарга КРнын туруктуу өнүктүрүүгө өтүү боюнча программасы.

- Жалал-Абад облусу– 28,7%,
- Чүй облусу– 13,9%,
- Ош облусу– 8,9%,
- Нарын облусу – 5%,
- Ысык-Көл облусу– 3%,
- Баткен облусу– 3%.

Бул маселенин актуалдуулугу күн сайын калктын өсүшү, жаңы үй-бүлөлөрдүн санынын көбөйүшү, жерлердин жеке турак жай курулушуна трансформацияланышы менен артып баратат. Мунун баары комплекстүү мамлекеттик мамилени жана энергетика чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгуу боюнча өкмөт менен ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Ошол эле кезде негизинен дотациялык болуп эсептелген жана республикалык бюджеттен кошумча каржылоого муктаж болгон ЖӨБ органдарынын татаал каржылык шарттарын эске алуу менен, жаңы керектөөчүлөрдү (кардарларды) электр энергиясы менен камсыздоо боюнча маселени чечүү милдетин ЖӨБ органдарынын мойнуна жүктөп коюу эртелик кылат.

## Колдонуудагы мыйзамдар эмне дейт?

Колдонуудагы мыйзамдарга ылайык, мамлекеттик органдардын, анын ичинде бөлүштүрүүчү компаниялардын жана ЖӨБ органдарынын жаңы керектөөчүлөрдү электр менен жабдууну уюштуруу жана камсыздоо боюнча ыйгарым укуктары жетишээрлик деңгээлде так жазылган эмес. Бул болсо электр энергиясына жеткиликтүүлүгү чектелүү карапайым жарандарга түздөн-түз таасирин тийгизүүдө.

Айталы, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн жооптуу жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө көмөктөшүү керек деп айтылган. Анткен менен жергиликтүү маанидеги маселелер өзүнө “жалпы колдонуудагы жерлерде жарыктандырууну уюштурууну гана камтыйт (18-бер. 1-б. 17-п). Ал эми калктын электр энергияга жеткиликтүүлүгүн камсыздоо маселелери болсо жергиликтүү маанидеги маселелердин категориясына кошулган эмес, бирок өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарда да каралган эмес (20-бер.) Ошентип жаңы керектөөчүлөрдү электр менен жабдууга кошуу маселеси мыйзам чыгаруучулардын көңүл чордонунан түшүп калган.

Ошол эле кезде “Электр энергетикасы жөнүндө” КР Мыйзамынын 14-беренеси менен “Лицензиялардын ээлерине алар иштеген аймактагы бардык кардарларды электр менен жабдууну камсыз кылуу милдети жүктөлөт. Кардарлар алыскы райондордо электр менен жабдууну камсыз кылууга өтүнүч билдире алышат”.

Керектөөчүлөрдү электр менен жабдуу боюнча тийиштүү беренеге карабастан бөлүштүрүүчү ишканалар тарабынан мыйзамдык актынын нормасы аткарылбай келет же башка мааниде чечмеленет: бөлүштүрүүчү ишканалар 14-берененин күчү бар болгон керектөөчүлөргө гана жайылат деп эсептешет, же болбосо бул норманы бөлүштүрүүчү ишканалар финансы каражатынын жоктугунан улам ачык эле четке кагышат.

Ошол эле кезде бөлүштүрүүчү ишканалар өз товарын – электр энергияны жеткиргени жана сатканы үчүн керектөөчүлөрдөн акы алат (“Электр энергетикасы жөнүндө” КР Мыйзамынын 2-беренесинин 26-абзацы). Экономиканын мыйзамдарына ылайык, товардын сатуучусу өз базарын өз эсебинен кеңейтет, товарын сатаардан мурда сатуучу дүкөн же күркө куруш керек болот. Анын сыңарындай эле бөлүштүрүүчү ишканалар же акциялардын мамлекеттик пакетинин ири үлүшүнө ээлик кылган ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган сатып алуучуларга (кардарларга) электр энергияны жеткирүү жана сатуу үчүн биринчи кезекте электр жабдуусун куруп берүүгө милдеттүү. Чындыгында болсо Кыргызстанда чарба жүргүзүүнүн советтик системасынын принциптери сакталып калган жана ушул күнгө чейин иштеп келатат. Жеткирүүчүлөр трансформаторлор жана электр өткөргүч линиялары орнотулган алдын ала даярдалган участокторду тейлешет. Жаңы райондорду – жаңы конуштарды – кошуу жол-жобосу бөлүштүрүүчү компаниялардын уставдарында каралган эмес.

Электр энергияны жеткирүү процессинде иштетилген электр жабдуусу ушул ишканалардын балансында болбогон учурда да бөлүштүрүүчү ишканалар керектелген электр энергиясы үчүн эсеп жазып берген жана керектөөчүлөрдөн акы алган карама-каршылыктуу учурлар да орун алып келет. Мындай кырдаал негизинен жабдууларды башка катышуучулар – калк, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана өзгөчө эл аралык донор уюмдар орноткон маалда жаралат.

Бөлүштүрүүчү ишканалар “Электр энергетикасы жөнүндө” КР Мыйзамынын 14-беренесинин жоболорун кынтыксыз аткарган учурда жаңы аймактарды электр менен жабдууга байланышкан ортодогу көйгөйлөрдү жок кылып салса болот. Анткен менен мыйзамдарда так белгиленген нормалардын жоктугу башкаруу органдарына мыйзамды кырдаалга жана пайдасына жараша чечмелөөгө жол ачкан эки маанини берген кырдаалды жаратууда. Мамлекеттик органдар же электр энергиясына жеткиликтүүлүк маселесин көзөмөлдөгөн таасирдүү аткаминерлер тарабынан саясий эрк болгон учурда гана жаңы керектөөчүлөрдү кошуу тууралуу маселе оң чечилиши мүмкүн. Ресурстар жана каалоо болбогон учурда бул маселе терс чечилет. Бул керектөөчүлөр үчүн адилетсиз шарттарды түзгөн жол берилгис кырдаал.




# Жогорку Кеңеш жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү маселесин кеңири талкуулоодо

**2014-жылдын 12-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Адам укуктары, конституциялык мыйзамдуулук жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитети (мындан ары – Комитет) ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен биргеликте "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы нормаларды ишке ашыруу" темасына тегерек стол өткөрдү. Иш-чаранын максаты – мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу жана бюджеттик каражаттарды натыйжалуу чыгымдоо менен жергиликтүү калкка сапаттуу мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү үчүн керек болгон материалдык, финансылык жана башка каражаттарды кошо берүү менен ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү тууралуу Конституциянын нормаларын жана КР мыйзамдарын ишке ашыруу.**

## Чоо-жайы

Буга чейин Комитет ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 76-беренесинин 2-бөлүгүн колдонмого алуу менен, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган мыйзамдарды жана чечимдерди турмушка ашыруу боюнча көзөмөл функцияларды ишке киргизүү максатында 2014-жылдын 25-ноябрында жана 28-ноябрында Бишкек менен Ош шаарларында "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдардагы көйгөйлөр" темасына Комитеттин кеңейтилген отурумун өткөргөн эле.

Аталган иш-чаралар Өкмөттүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, мамлекеттик администрация башчылары – район акимдеринин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда өткөрүлгөн. Талкуунун катышуучулары мыйзамдардагы актуалдуу көйгөйлөрдү төмөнкүдөй тизмектеп чыгышкан:

- мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажыратуу тууралуу конституциялык нормаларды жетиштүү деңгээлде ишке ашырылбай жатышы;
- ЖӨБ чөйрөсүндө административдик укук бузууга барган адамдарга карата ЖӨБ органдарынын административдик комиссиясы тарабынан административдик жаза-чараларды берүү тартибин өркүндөтүү зарылчылыгы;

- ЖӨБнын өкүлчүлүктүү органдары кабыл алган ченемдик укуктук акттарды жарыялоонун жана алардын күчүнө кирүүсүнүн тартибин өркүндөтүү зарылчылыгы;
- ЖӨБ Союзу жана муниципалдык ассоциациялар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелерине тиешелүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун алдын-ала талкуулоо жана макулдашуу маселелеринде алардын ролун күчөтүү зарылчылыгы;
- ЖӨБнын аткаруу органдарынын башчыларынын жергиликтүү жамаат алдында отчет берүү тартибинин жоктугу;
- айылдык кеңештин жана анын органдарынын ишмердигин өз алдынча уюштуруу максатында айылдык кеңештер үчүн жоопту уу катчы штаттык бирдигинин жоктугу;
- жергиликтүү кеңештердин биргелешкен отурумдарынын иш тартибин өркүндөтүү зарылчылыгы жана башка маселелер.

Буга байланыштуу ЖӨБ органдарынын ишмердигинде жогоруда аталган маселелерди комплекстүү чечүү максатында Комитет ЖӨБ чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүүгө багытталган ченемдик укуктук акттардын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча жумушчу топту түздү.

## Өткөрүп берүү – өзөктүү маселе

Комитеттин сыртта өткөргөн отурумдарынын жыйынтыгы боюнча, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү маселесин аткаруу бийлигинин айрым мамлекеттик органдарына түшүндүрүп берүү зарылчылыгы жаралды. Талкуунун катышуучулары тегерек столдун алкагында калкка сапаттуу кызмат көрсөтүүнү эсепке алуу менен бир катар мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү зарыл экенин белгилешти. Аны менен катар өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын тизмегин так аныктап алуу керек. Мунун негизинде республикалык бюджеттин эсебинен ЖӨБ органдарын каржылоону камсыздоо зарыл. Тегерек столдун катышуучуларынын алдында Адам укуктары, конституциялык мыйзамдуулук жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитеттин төрайымы Наталья НИКИТЕНКО, Кыргыз Республикасынын Өкмөт аппаратынын, Кыргыз Республикасынын Президенттик аппаратынын, Өнүктүрүү саясат институтунун өкүлдөрү сүйлөдү.

Н. НИКИТЕНКО бүгүнкү күндө мамлекеттик органдар, мисалы, каалаган министрлик тармактык мыйзамдар менен так белгиленген өзүнүн гана тармагына тиешелүү болгон ишмердикти жүзөгө ашырып келерин, ал эми ЖӨБ органдары ар бир министрликтин, мамлекеттик агенттиктин жана кызматтардын ишмердиги менен чектешкенде өз функцияларын да, тармактык мыйзамдарда белгиленген мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын да жүзөгө ашырарын белгиледи.



“Тилекке каршы мыйзамдар ЖӨБ органдарынын функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын чөйрөсүн тийиштүү финансылык колдоосуз, ошондой эле аткаруучулардын штаттык бирдигине тийиштүү толуктоолорду кошпостон эле негизсиз кеңейтип салган. ЖӨБ органдарына айрым бир мамлекеттик ыйгарым укуктарды жана тапшырмаларды берүүдө мамлекеттик органдар тийиштүү анализ жүргүзбөйт.

Мамлекеттик функциялар жана ыйгарым укуктар ЖӨБ органдарына аларды натыйжалуу жүзөгө ашыруу жана өз мүмкүнчүлүктөрүн жана аларды ишке ашыра алуу реалдуулугун эсепке алуу менен жергиликтүү жамаатка сапаттуу кызматтарды көрсөтүү максатында өткөрүлүп берилиш керек. Анткени мунун баары ЖӨБ органдары аткарган өз функцияларынын натыйжаларына жана калкка муниципалдык кызматтарды көрсөтүүнүн сапатына таасирин тийгизет. Ошондуктан өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечип жатканда тоскоолдук жаратпашы керек.

Айрымдарын иш жүзүндө ЖӨБ органдары аткарып жаткан өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар Конституцияга, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” жана “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө” КР Мыйзамдарына ылайык таризделиш керек жана ЖӨБ органдары аларды чындап аткара алышы үчүн каржылоо методикасы сабаттуу түзүлгөн өткөрүп берүүнүн так механизмин караштырыш керек”, - деп сөзүн жыйынтыктады Комитеттин башчысы.

ӨСИ башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА өз сөзүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Кыргыз Республикасындагы 20 жылдык ишинде эч ким башкаруу деңгээлдеринин ортосунда жоопкерчиликти ажырымдоо чөйрөсүн тартипке келтире албаганын белгиледи. Анткен менен 2014-жылдын соңунда белгилүү бир жылыш байкалганын белгилебей коюуга болбостур: “Эгерде мурда мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бардык функциялары жана ыйгарым укуктары бир жерге “үйүлүп” ташталса, жарандар ким кайсы иш үчүн жооп берерин ажырата албаса, бүгүнкү күндө бизде бери дегенде төрт тизме бар – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз функци-

ялары, өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жана мындайча айтканда "аралаш" функциялар. Күчүнүн жетишинче өкмөт менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу бул тизмелерди ирээтке келтире баштады. Анткен менен алдыда дагы иш өтө көп. Бүгүн биз экинчи тизмени талкуулап жатабыз, ал бир топ түшүнүктүү. Бирок биринчи планга мамлекет менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу ортосундагы финансылык мамилелерди тартипке келтирүү зарылчылыгы чыгууда. Өкмөттүн саясий эрки бар, бирок өткөрүп берүү менен акчасынан жана бийликтен ажырап калабыз деп корккон тилкелик министрликтердин каршылык көрсөтүүсү байкалып турат. Эч ким эч кимден эч нерсе тартып албай турганына бөркүңүздөй ишенип коюуңуз. Болгону кеп жүктү туура бөлүштүрүү жөнүндө жүрүп жатат, ал эми финансы функциялардын артынан эле ээрчип жүрөт. Ошондуктан министрликтер ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүдө ага каражат кошуп бериш керек деген түшүнүккө келет деп абдан ишенебиз".

Талкуунун жүрүшүндө иш-чаранын катышуучулары айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды калкка сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрдү эсепке алуу менен өткөрүп берүү зарыл экенин белгилешти. Аны менен катар өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын тизмесин так аныктап алуу зарыл. Ошонун негизинде ЖӨБ органдарын каржылоону республикалык бюджеттин эсебинен камсыздаш керек.

Аталган тема боюнча уюштурулган тегерек столдун негизги баяндамачыларынын бири Жогорку Кеңештин депутаты, эки кодексти жана он эки тармактык мыйзамды Конституциянын жана ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тууралуу өлкөнүн мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келтирүүгө багытталган мыйзам долбоорлорунун демилгечиси Кеңешбек БОКОЕВ болду.

Андан кийин аталган маселе боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын өкүлүнүн атынан ЖӨБЭММАнын директорунун орун басары Михаил ХАЛИТОВ маалымат берди. Ал КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы №145 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө" токтомун ишке ашыруунун алкагында ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тууралуу мыйзамдардын талаптарын ишке ашыруу процессинде ортого чыккан көйгөйлөр жөнүндө кенен маалымат берди. Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн зарыл болгон финансы каражаттары менен ЖӨБ органдарын камсыздоо жаатында Финансы министрлигинин жергиликтүү бюджеттерди пландоо жана аларга мониторинг жүргүзүү боюнча башкармалыктын жетекчиси Зоотбек КЫДЫРАЛИЕВ ЖӨБ органдарын республикалык бюджеттеги каражаттардын эсебинен кошумча каржылоонун көлөмү, ошондой эле ЖӨБ органдарына өз ыйгарым укутарын өткөрүп берүү ниетин билдирген мамлекеттик органдар тууралуу кыскача айтып берди.

Жогорку Кеңештин депутаты Абдыманап КУТУШЕВ ЖӨБ органдары тийиштүү министрликтер жана ведомстволор менен айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тууралуу келишимдин негизинде биргелешип аракеттенүүсү тууралуу сунушту киргизди. "Бул ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү маселесин так жөнгө салууга жардам берет, ошондой эле ЖӨБ менен тийиштүү ведомстволордун кайталанма функцияларынын кыскарышына көмөктөшөт", - деп белгиледи А.КУТУШЕВ. Депутат салыктык түшүүлөрдүн негизги бөлүгүн да ЖӨБ органдарына калтыруу керектигин айтып, бул механизм жергиликтүү маанидеги бир катар көйгөйлөрдү өз алдынча чечүүгө жардам берерин кошумчалады.

Жогорку Кеңештин депутаты Абдимуталип КОЧКОРБАЕВ ЖӨБны каржылоо маселеси көптөн бери көтөрүлүп келатканын, бирок дайыма эле талкуу баскычында кала берерин белгиледи. "Бүгүн биз ЖӨБнын мамлекеттин турмуш тиричи-



лигиндеги ролу маанилүү экенин, дал ошондуктан аларды финансылык көз карандысыздык менен камсыздаш керектигин түшүнүп турабыз", - деп айтты А.КОЧКОРБАЕВ.

Мындан тышкары катышуучулар ЖӨБ органдарына ченемдик-укуктук актыларды демилгелеп чыгуу укугун берүүнү сунушташты. Анткени бул социалдык маселелерди жеринде натыйжалуу чечүүгө көмөктөшмөк. Комитеттин төрайымы Наталья НИКИТЕНКО ЖӨБ чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүүгө багытталган ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ бардык айтылган сунуштарды жана пикирлерди эсепке алаарын белгиледи. Талкуунун жыйынтыгы боюнча тегерек столдун катышуучулары тийиштүү Резолюцияны кабыл алышты. Аталган Резолюциянын негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө колдонуудагы мыйзамдарга анализ жүргүзүү жана бир катар мыйзамдарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби тууралуу мыйзамга шайкеш келтирүү, ошондой эле өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн жергиликтүү бюджеттерге республикалык бюджеттен берилген трансферттердин (субвенциялардын) көлөмүн эсептөө методикасын аныктоо сунушталды. M

2014-жылдын
12-декабры
Кой-Таш айылы

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы ченемдерди аткарууга байланышкан маселелерди талкуулоонун натыйжасы боюнча тегерек столдун

# РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

Тегерек столдун жыйынтыгы боюнча, Жогорку Кеңештин Адам укуктары, конституциялык мыйзамдуулук жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитети КР Жогорку Кеңешинин депутаттарынын, Президенттик, Жогорку Кеңештин жана Өкмөттүн аппарат өкүлдөрү, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коомдун өкүлдөрү, эксперттер жана эл аралык уюмдардын катышуусу менен:

- ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тууралуу КР мыйзамдарындагы нормаларды жана тармактык мыйзамдарды “ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө” КР Мыйзамына шайкеш келтирүүгө багытталган мыйзамдардын долбоорлорун ишке ашыруу маселелерин;
- жергиликтүү кеңештин депутатынын статусунун айрым кызматтар жана ишмердиктин түрлөрү менен шайкеш келбегени тууралуу маселелерди караштырган мыйзам долбоорун талкуулап чыгып;
- тегерек столдун катышуучуларынан түшкөн пикирлерди жана сунуштарды эсепке алуу менен, ошондой эле Жогорку Кеңеш кабыл алган мыйзамдарды жана чечимдерди турмушта колдонулушуна Жогорку Кеңештин контролдук функцияларын жүзөгө ашыруунун алкагында төмөнкүлөргө токтолду:

1.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө кыска мөөнөттүн ичинде төмөнкүлөр сунушталат:

- КРнын колдонуудагы мыйзамдарына анализ жүргүзүү, зарыл болсо мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажыратууга жана тармактык мыйзамдарды “ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө” КР Мыйзамына шайкеш келтирүүгө багытталган мыйзам долбоорлорун даярдоо жана Жогорку Кеңештин кароосуна жиберүү;
- өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн жергиликтүү бюджеттерге республикалык бюджеттен берилген трансферттердин (субвенциялардын) көлөмүн эсептөө методикасын аныктоо;
- ЖӨБ органдарынын аларга өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруусу үчүн зарыл болгон чыгашаларды караштырган “2015-жылга республикалык бюджет жана 2016-2017-жылдарга божомол жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзам долбоорун иштеп чыгуу жана КР Жогорку Кеңешинин кароосуна жиберүү.

2. КР Конституциясынын нормаларын жана “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө” КР мыйзамынын 17-беренесинин талаптарын көңүлгө алуу менен, Жогорку Кеңештин депутаты К.БОКОЕВ демилгелеп чыккан “Айрым мыйзамдык актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” КР мыйзам долбоорлорун жалпысынан жактыруу зарыл деп эсептейбиз.

3. Жогорку Кеңештин депутаты К.БОКОЕВ демилгелеп чыккан жана талкууланып жаткан, жергиликтүү кеңештин депутатынын статусунун айрым бир кызматтар жана ишмердиктин түрлөрү менен шайкеш келбестик маселесин жөнгө салууга багытталган “Айрым мыйзамдык актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” КР мыйзам долбоорлорунун коом үчүн маанисин, актуалдуулугун жана өз убагында даярдалганын, ошондой эле тегерек столдун катышуучуларынын пикирлерин жана сунуштарын көңүлгө алуу менен, мыйзам долбоорун Комитеттин отурумунда карап чыгуу зарыл экенин белгилейбиз.






*Плакаттын автору – “БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! 2014” плакаттар сынагынын катышуучусу Рейхана ТУРДИЕВА*

# Плакаттын «одуракай» тили жергиликтүү маанидеги маселелер менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун фундаменталдуу баалуулуктарын бириктирет

**Гузель ЖАНАЛИЕВА,** ӨСИ катчысы

**Декабрда жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналган “Ушул жерде жана азыр!” сынагынын жыйынтыгы чыгарылды. Уюштуруучу – Өнүктүрүү саясат институтунун “Муниципалитет” журналы – өз каражаттарынын эсебинен, ошондой эле Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун алкагында. Жалпы байге фонду – 200 миң сомдун тегерегинде – 29 жеңүүчүнүн ортосунда бөлүштүрүлдү. Алардын ар бири үч миңден кырк миң сомго чейинки өлчөмдө сыйлык алат. Сынактын темасы – жергиликтүү өз алдынча башкаруу – ӨСИнин миссиясы менен түздөн-түз байланышта: адамдын татыктуу жашоо укугун ишке ашырууда жергиликтүү жамааттарга жана башкаруу органдарына көмөктөшүү. Биздин түшүнүгүбүздө жергиликтүү өз алдынча башкаруу – башкаруу системасынын бир бөлүгү гана эмес, ал мындан да бир кыйла терең түшүнүк. Биз жергиликтүү өз алдынча башкарууну адам төрөлгөн, жашоосун өткөргөн жана ичер суусу түгөнгөн чөйрө катары чечмелейбиз. Бул өтө кеңири тема жана сүрөтчү аны ар тараптан чагылдыра алат. Муну сынактын жыйынтыктары да далилдеди – дээрлик 200 плакат түштү.**



Надежда ДОБРЕЦОВА, ӨСИнин башкаруу төрайымы: "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө плакаттын авторунун көңүлү бурулушу мүмкүн жана ошондой боло турган өтө конкреттүү суроолор жана актуалдуу көйгөйлөр бар. Бирок адатта сүрөтчүлөр теманын спецификасынан алыстап кетишет жана биз плакат үчүн багытты тандоодо, аларды темада көтөрүлгөн маселеге багыттоодо аларга жардам берүүгө милдеттүү болчубуз. Ошондуктан биз буга чейин уюштурулган сынактардагыдай эле бардык каалоочулар үчүн багыт берүүчү семинарларды өткөрдүк жана ошол семинарларга аймактарды тартууга аракет жасадык. Бишкек, Ош жана Караколдо ЖӨБ маселелери боюнча эксперттер жана плакат искусствосунун адистери менен баары болуп үч жолугушуу өттү. ЖӨБ органдарынын компетенциясына кирген жергиликтүү маанидеги маселелер; бул чөйрөдөгү заманбап көйгөйлөр; плакат искусствосундагы жаңылыктар; өткөн сынактардын жыйынтыктары талкууланды. Менимче бул семинарлар жүздөгөн авторлор үчүн "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча плакат" темасы боюнча жакшы сабак болуп калды. Аны менен катар семинарга катышкандардын арасында кесипкөй сүрөтчүлөр да, студенттер жана окуучулар да, ошондой эле үйрөнчүктөр да болду.

Багыт берүүчү семинарларда биз болочок катышуучуларга жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маңызын жана функциясын түшүндүрүп бердик. Ошондуктан дээрлик бардык сунушталган плакаттар сынактын темасына шайкеш келди. Көпчүлүк эмгектер жергиликтүү маанидеги маселелерге арналган – жолдорго, көчөлөрдү жарыктандырууга, таштандыга, бала бакчаларга жана атүгүл көрүстөндөргө. Бул жерде таң калаарлык эч нерсе жок – жерге берүү маселеси жергиликтүү өз алдынча башкаруунун карамагында маселеге кирет жана бул жерде да көйгөйлөр бир топ десек болот. Албетте авторлор өз плакаттарында ушул темаларды "сүйлөтө алышты" – жолдор жан кейитерлик тартылган, көчөлөр кир жана караңгы болуп көрсөтүлгөн ж.б. Мамлекет менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ортосундагы өз ара мамилелердеги көйгөйлөрдү чагылдырган бир нече эмгек эсте калды – көз карандуулук, жука капчык, укуктун жоктугу. Биз айтып, түшүндүрүп бергендердин ичинен көйгөйдү баамдай алган бир тең, ошону плакаттын тилинде көрсөтүп берген бир тең болду.

Алдын ала жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында биз өтө көп сандагы плакаттарды алдык – эки жүзгө жакын эмгектин арасында татыктуулары өтө көп болду. Ошондуктан жеңүүчүнү тандап алуу оңой иш болгон жок. Анткени калыстар тобунун ар бир мүчөсүнүн өз пикири бар эмеспи. Мындан тышкары 18 жашка чейинки авторлордун өспүрүмдөр номинациясында да жакшы плакаттар көп болду. Белгилүү сүрөтчүлөрдөн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча эксперттерден турган калыстар тобу жеңүүчүлөрдү белгиленген алкакта тандап алды. Бирок уюштуруучу катары биз жеңүүчүлөрдүкүнөн кем калышпаган эмгектер да көңүл сыртында кала бергенин көрүп турдук. Аларды белгилегибиз келди жана биз кошумча шыктандыруучу байге бөлүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук.

Жалпысынан плакаттын "одуракай" тили бир көрүнүштү түшүндүрүүгө, көйгөйгө кызыгууну жаратып, ага көңүл бурдурууга жардам берет. Бул өзгөчө "айкын эмес" көйгөйлөргө карата маанилүү. Дал ушундай "айкын эместик" жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө орун алган. Бир караганда баары жөнөкөй жана түшүнүктүү – таштанды, жол чырактар, көчөлөр, көрүстөндөр – жогорку математика эмес. Бирок сыртынан караганда жөнөкөйлүктүн жана айкындуулуктун артында өтө маанилүү, фундаменталдык нерселер турат – жамаат, тарбия, маданият, салттар, эс-тутум, жада калса цивилизация. Биздин жарандарыбыздын аң-сезиминде жөнөкөйлүктү жана фундаменталдуулукту айкалыштыруу – узак убакытты талап кылган жана татаал процесс, бул жерде көптөгөн аракет жана ар түрдүү аспаптар талап кылынат. Плакат бул катарда алдыңкы орундардын бирин ээлейт. Дал ошондуктан биз муну менен токтоп калбастан плакаттардын сынагына байланышкан ишибизди уланта беребиз".

Бул ӨСИ уюштурган жана кошо уюштуруучу болуп чыккан плакаттардын үчүнчү сынагы. Биринчи жана үчүнчү сынактар Кыргызстандагы



жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналса, экинчиси коррупцияга бөгөт коюу жаатында болгон. Биздин баамыбызда, плакат – бул адамдын кайсы бир нерсеге карата мамилесин калыптандырууга таасир этүүнүн натыйжалуу ыкмасы. Кээде көлөмдүү макалаларга же бир нече саатка созулган талаш-тартыштарга караганда плакат адамды тезирээк ынандыра алат. Плакатты ынандыруу, идеяны түртүү, коомдук пикирди калыптандыруу каражаты катары колдонуу маданияты дээрлик жоголуп бараткан ы өкүнүчтүү. Бирок азыр искусствонун бул багытын кайрадан жандандыруу мүмкүнчүлүгү пайда болгон учур. Анткени идеяларды дайыма көрсөтүп бере алыш керек жана плакат искусствосу мындай учурда жардамга келет. Социалдык түйүндөрдөгү баракчаларды карап көрүңүзчү – ал жакта көптөгөн плакаттар пайда болууда. Балким көрүнөө (визуалдык) билдирүүлөр маңызы боюнча плакат экенин авторлордун өздөрү да билбеши мүмкүн. Ошону менен бирге авторлор идея, “плакатизация” жана чечмелөө жагынан алып караганда эркин, бирок сапаттар өтө ар башка. Мындай сынактарга катышуу, плакат искусствосун өздөштүрүү жаш авторлор сүрөтчү болобу, же жокпу – буга карабастан алар үчүн өтө маанилүү.

Плакаттар өзүнөн өзү чындыкты алмаштырууга жөндөмдүү деп ойлоо байоолук болуп калмак. Бирок алар тексттик же аудиоконтент менен айкалышканда өтө күчтүү психологиялык таасир тийгизет. Мындан тышкары плакаттар – бул окутуу үчүн мыкты көрсөтмө материал. Мисалы, ӨСИ “Муниципалитет” журналындагы макалаларды жасалгалоо үчүн плакаттарды жигердүү колдонот, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча өткөн сынакка түшкөн плакаттарды элеттик мектептердеги мугалимдер коомго киришүүгө байланышкан сабактарды өтүүдө колдонуп келишет. Бул күтүлбөгөн натыйжа болду: ЖӨБ боюнча мыкты плакаттар ӨСИнин жыйындар залында илинип турат, элеттеги иш-чаралардын катышуучулары өз мектептери үчүн плакаттардын электрондук версиясын суратып алууда. Ошондой эле 2014-жылдын жай мезгилинде Көркөм искусство музейинде өткөрүлгөн коррупция тууралуу плакаттардын көргөзмөсүн эл кандай кабыл алганы да кубандырат. Көргөзмө эки жума өтөт деп болжолдонгонуна карабастан музейде көргөзмө бир айга созулду, анткени ал жакка баш баккандар көп болду, адамдар плакаттарды көрүп, ойлонуп, ага реакция жасап жатышты. Баса, мындай көргөзмөлөр Бишкекте гана эмес, Караколдо да, Ошто да өттү. Бардык жерде адамдар пикирин билдирип жатышты, плакаттардын таасири күчтүү болду, алар башкаларды ойго түрттү. Эми ошол көргөзмөгө коюлган материалдарды Экономика министрлиги андан ары колдонуу үчүн суратып алды.

Сынакка эмгектерин койгон авторлордун географиясы бир кыйла кеңири, бирок эң көп эмгектер Бишкектен, Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынан түштү. Албетте бул дал ушул аймактарда багыт берүүчү семинарлар өткөнүнө, ошондой эле көркөм мектептин мугалимдеринин жана Сүрөтчүлөр союзунун жергиликтүү бөлүмдөрүнүн өкүлдөрүнүн жигердүүлүгүнө байланыштуу болду. Катышуучулардын басымдуу бөлүгүн студенттер жана окуучулар түздү. Экинчи орунда кесипкөй сүрөтчүлөр турса, үйрөнчүктөр да болду. Тилекке каршы Нарын, Талас жана Баткен облустарында багыт берүүчү семинарларды өткөрүү үчүн ресурстар жетишсиз болду. Келечекте Өнүктүрүү саясат институту сынактарды уюштурууну пландап жатат жана багыт берүүчү семинарлар бардык аймактарда өтүүсүнө аракеттенет. Бирок бул көп учурда ресурстарга байланыштуу болот.




*Плакаттын автору – “БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! 2014” плакаттар сынагынын катышуучусу Дмитрий ФЕДОРОВ*

“Бирок плакат чындап эле “иштеп кетүүсү” үчүн аны жаратып эле койгон жетишсиз. Плакатка кимдир бирөөнүн көзү түшүп, аны кайсы бир ойго түртүп, анда күмөн ой жаратып, эмоция пайда кылмайынча мааниси болбойт. Ошондуктан плакаттарды жайылтуу үчүн аракет көрүү өтө маанилүү. Өнүктүрүү саясат институту бери дегенде өзүнүн басма материалдарын, анын ичинде “Муниципалитет” журналын көрктөндүрүү үчүн плакаттарды кеңири колдонот. Плакаттарды дисктерге жаздырып, өнөктөш муниципалитеттердеги мектептерге сөзсүз өткөрүп беребиз. Ресурстарыбызга жараша плакаттарды ошол эле мектептер, айыл өкмөттөрү, башка мекемелер үчүн басып чыгарганга аракеттенебиз”, деп сөзүн жыйынтыктады Н. ДОБРЕЦОВА. М

# “БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР. 2014” плакаттар сынагынын жеңүүчүлөрүн куттуктайбыз!

**Гузель ЖАНАЛИЕВА,** ӨСИ катчысы

**Швейцария Өкмөтү жана Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун колдоосу менен “Муниципалитет” журналынын атайын долбоору. Сынак дайыма эле «жогорку бийликтен ырайым» күтүү позициясынан (патерналисттик күтүүлөр) жашоону ушул жерде жана азыр жакшыртуу үчүн жигердүү өз алдынча иш-аракеттерге өтүү керек деген маанайда коомдук пикирди өзгөртүүгө көмөктөшүү максатын көздөгөн.**

Плакаттардын сынагы 2014-жылдын 15-сентябрынан 15-декабрына чейин өттү. Жалпы байге фонду 200 000 (эки жүз миң) сомдун тегерегинде болду. 200дөн ашык эмгек түштү.

Жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусун көзгө урунгандай, актуалдуу жана түшүнүктүү кылуу максатын көздөгөн плакаттардын сынагы өз муниципалитеттериндеги көйгөйлөргө кайдыгер карап тура албаган замандаштарыбыздын көмөгү менен ийгиликтүү өттү. Кесипкөй жана үйрөнчүк сүрөтчүлөр жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө, аны менен катар бюджеттик процесске катышуусу жашоо сапатын жана кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу ыргагына олуттуу таасир эте алат деген ырастаманы плакатта чагылдырып бере алышты. Бардык региондордон түрдүү жаш курактагы катышуучулардан түшкөн эмгектерди ийне-жибине чейин талкуулагандан кийин 2014-жылдын 25-декабрында сынактын калыстары чечим кабыл алышты. КР Сүрөтчүлөр союзунун өкүлдөрү, А.Чуйков ат. Көркөм окуу жайынын директору, ЖӨБЭММА өкүлдөрү, Өнүктүрүү саясат институнун жетекчиси, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун өкүлү кирген калыстар тобунун мүчөлөрү “Вечерний Бишкек” гезитинин кабарчысынын катышуусунда кызуу талаш-тартыштардан кийин сынактын жеңүүчүлөрүн аныкташты.

### Жеңүүчүлөр

- I орун - Андрей Гартд. “Өз алдынча башкаруунун өзүнүн эле колунан келет”, триптих, Бишкек;
- II орун –“Хара-Бара” студиясы “Түнкү Бишкек”, Бишкек;
- III орун – Дүйшөбек Искаков. “Тырмооч”, Чолпон-Ата;
- III орун – Сонун Толукбаева. “Бала бакча”, Чолпон-Ата;
- III орун – Рейхан Турдиева. “Сен кайсы шаарды тандайсың?”, Бишкек;

### Атайын байге (ЖӨБ деңгээлинде жарандардын бюджеттик процесске катышуусу)

- Алексей ЛЫСОГОРОВ.«Попрошу я у бюджета улицам дать больше света»; Бишкек.

### Шыктандыруучу байгелер

- Алексей Скачков. “Балдар аянтчасы токтотмо эмес”;
- Саламат Жумалиев. “Орун жок”, Бишкек;
- Камал Жалалов. Эмгектердин сериясы, Жалал-Абад;
- Дмитрий Фёдоров. “Өзүбүз башкаруудабыз”, Бишкек;
- Бегаим Бекболотова. “Кургакчылык”, Токмок;
- Самидин Жоробаев. “Таштанды”, Ош.

### Атайын байгелер (15-18 жаштагы авторлор):

- Алтынбек уулу Улукбек –“Суу”, Чолпон-Ата;
- Кубанычбек уулу Асан –“Аткаминердин портрети”, Жалал-Абад;
- Байыш уулу Эрлан – “Жамбаштап жаткан кандай сонун”, Жалал-Абад;
- Темирбек уулу Фархат – “Бош кудук”, Чолпон-Ата;
- Жылдызбек Болотбеков – “Ысык-Көлдөгү таштанды”, Чолпон-Ата.
- Уюштуруучулардан атайын байге:
- Тургунбай Ташкузиев – “Ош: кечээ-бүгүн-эртең”, Ош;
- Инна Пискарева – “Мэрге салам”, Бишкек;
- Карыпбек Рыскелдиев – “Таштаба”, Бөкөнбаев айылы (Ысык-Көл обл.);
- Александр Верещагин – “Санитардык кыйып алуу”, Каракол;
- Аделина Бекенова – “Ар бир кечте менин ойлорум”, Токмок;
- Виктория Кулик жана Влас Комков – “Маршрутка”, Бишкек.




# Жамааттык ММК – бул жарандар менен башкаруу органдары ортосундагы көпүрө

**Назира ЖУСУПОВА – алгачкысы жети жыл мурда ишке киришкен жамааттык ММКнын негизинде түзүлгөн Жамааттык ММК ассоциациясынын директору. Дал ошол мезгилде Талас облусунда Борбор Азияда биринчилерден болуп "Радиомост" жамааттык радиосу обого чыга баштаган. Жамааттык радионун элдик кабарчыларынын жигердүүлүгү бүгүн да басаңдаган жок. Алар мурдагыдан да чоң аракеттер менен жамаат арасында жаңылыктарды чогултуп, өз ийгиликтери жана көйгөйлөрү тууралуу угармандарына өз убагында айтып берүүдө. Бирок эң негизгиси – жамааттык радио адамдарга тийиштүү кызматтардын аткаминерлерине өз үнүн жеткирүү мүмкүнчүлүгүн берет деген ишеним.**

**– Назира, ушунун баары эмнеден башталды эле? Эмне үчүн ММКнын башка түрүн эмес, жамааттык радиону тандап алдыңыз?**

– Талас облусунун географиялык жактан өзгөчөлүгү 2007-жылы Борбор Азиядагы алгачкы жамааттык радиону түзүү үчүн себепчи болду. Ал маалда Талас облусундагы массалык маалымат каражаттары жергиликтүү калктын керектөөлөрүнө жооп берчү эмес. Облустук телерадиокомпания өз продукциясын аптасына 1 жолу мамлекеттик телерадиокорпорациянын эфиринен кетирчү. Басма ММКнын көпчүлүгү борбор калаада гана чыкчу, ал эми облустук борборлордон радиотолкундар айылдарга жетчү эмес – буга тоолор тоскоолдук кылчу. Маалыматка жыш кылымда жашаганыбызга карабастан биздин аймакка мисалы, жаш ата-энелер үчүн балдарды кантип тамактандырыш керек, дыйкандар үчүн жакшы түшүмдү кантип алса болот өңдүү зарыл маалыматтар аз келчү.

2007-жылы Таласка ЮНЕСКОнун делегациясы расмий сапар менен келген. Ал делегация мультимедиа-борборду ишке берүү демилгесин көтөрүп чыккан биздин санаалаш адамдардан турган командабыз менен жолуккан. Эксперт Тарья ВИРТАНЕ, ЮНЕСКОнун Казакстан, Кыргызстан жана Тажикстандагы мурдагы өкүлү "Силер сонун мезгилде жашап жатасыңар. Себеби өз өлкөңөрдүн ММК тарыхындагы жаңы баракты ачтыңар", - деп айткан эле. Мына ушинтип Борбор Азиядагы алгачкы жамааттык радио пайда болгон. ЮНЕСКОнун Алматыдагы Кластердик кеңсесинин колдоосу алдында биздин радиостанцияны түзүүгө жогорку окуу жайлардын мугалимдери, бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү, айылдыктар катышкан.

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

**Назира ЖУСУПОВА өз карьерасын 2007-жылы “Радиомост” жамааттык радиосунда кабарчы катары баштаган. Мунун алдында ЮНЕСКОнун Кластердик кеңсесинин долбоорунун алкагында Алматыда уюштурулган “Жаш журналисттер үчүн тренингден” өткөн. Ошол эле жылы Назира “Радиомост” радиостанциясында иштөө үчүн Германиядан келген журналист-эксперт Беттина Руигес өткөргөн сынактан ийгиликтүү өткөн. Кийинчерээк Deutche Welle (DW) Академиясында журналистика мектебинде билим алат, ошондой эле журналистика чөйрөсүндөгү эл аралык, республикалык жана жергиликтүү семинарларга, тренингдерге катышкан.**

**Назира адам укуктары боюнча мыкты макалага жарыяланган эл аралык сынактын номинанты болуп калды. Ал Парижде өткөн Бүткүл дүйнөлүк адам укуктарынын декларациясы кабыл алынганынын 60 жылдыгына арналган конференцияга Кыргызстандан жалгыз катышкан. Францияда өткөн конференцияга дүйнөнүн 100дөн ашуун өлкөлөрүнөн адамдар келген. 2014-жылдан тарта Назира Жамааттын ММК ассоциациясынын аткаруучу директору болуп эмгектенет. Жамааттык ММК бүгүнкү күндө 22 жамааттык медианын башын бириктирет, алардын ичинде 4 жамааттык радио жана 18 жамааттык мультимедиа-борбор бар.**



**–Кадимки радио менен жамааттык радионун ортосунда кандай айырма бар?**

– Классикалык ММКдан айырмаланып, жамааттык радиодо альтернативдик ресурстарды колдонуу менен жамааттын өзү радиопрограммаларды жаратат. Жамааттык радио карапайым калк менен өкмөт ортосунда көпүрө түзөт. Мисалы, “Радиомостто” ар аптанын дүйшөмбү күндөрү саламаттык сактоо тармагынын кызматкерлери даярдаган берүү чыгып турат. Мындан тышкары дыйкандар, студенттер, мугалимдер, ыктыярчылар ж.б. да өз берүүлөрүн даярдап турушат. Станциянын өзүн өзү башкаруусу, анын ичинде каражат, эфирди пландоо жана жамааттык радионун ишмердигин стратегиялык жактан түзүү маселелерин ачык талкуулоого жамааттын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо зарыл.

**– Жамааттык радиостанциянын уюштуруучулук-укуктук формасы кандай?**

–Жамааттык радиостанциянын уюштуруучулук-укуктук формасы ошол радио жайылган аймакта жашаган жергиликтүү калк үчүн радиону башкарууга катышуусун караштырат. Жамааттык радио коммерциялык эмес уюм катары түзүлөт жана иш алып барат. Балким башында бул жамааттык медиа-борбор (ЖМБ) болот – анын түзүмү мүчөлүктү, башкарууну, жумушту жана программалардын басымдуу бөлүгүн жамааттын жөнөкөй мүчөлөрү түзүшүн караштырат. Жамааттык радионун редакциясы өз саясатын жана программаларын аныктоодо жергиликтүү бийликтен, саясий партиялардан, коммерциялык жана диний институттардан көз каранды эмес. Жалпы саясат жамааттын деңгээлинде өкүлчүлүктүү орган тарабынан аныкталат. Жамааттык радионун дагы бир маанилүү артыкчылыгы – мында жергиликтүү жамааттын бардык социалдык катмары маалымат алалат. Ошондой социалдык катмардын маалыматка жана өзүн көрсөтүү ыкмаларына жеткиликтүүлүгүн республикалык каналдар дайыма эле кепилдей албайт. Жамааттык радио азчылык топторго жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга көптөгөн мамлекеттик же жеке ММКларга окшоп кээде гана обого чыгуу мүмкүнчүлүгүн берип койбостон, аларга бирдей шарттарды камсыздайт. Жогоруда аталган элементтердин айкалышуусу радионун көз карандысыздыгын жана натыйжалуулугун камсыздайт. Жамааттык радиону ачуу жол-жобосу юридикалык жактан кадимки радиону ачуудан айырмаланбайт. Жамааттык радио үчүн зарыл болгон жабдуу бир топ ишенимдүү, аны күтүп алуу оңой, баштапкы окуудан тышкары ал инженерлер жана радио жаатындагы адистер тарабынан колдоону талап кылбайт. Радиожыштыктык спектрди бөлүүгө, өткөрүүчүлөрдү колдонууга укук алууга, радиоэлектрондук каражатты жана жогорку жыштыктык түзүлүштөрдү киргизүүгө бир катар уруксаттарды

алууга боюнча убактылуу алкактар жамааттык радиону ачууда жалгыз жана олуттуу тоскоолдук болушу мүмкүн.

**–Жамааттык ММК ассоциациясы кандай максат менен түзүлдү эле?**

–Ассоциация медиа-ландшафтты жана Кыргыз Республикасынын алыскы аймактарында маалыматка жеткиликтүүлүктү камсыздоо максатында түзүлгөн. 2013-жылы Кыргызстандагы жамааттык медиа ассоциациясына биригип, ачык акционердик коом катары каттоодон өткөн. 2014-жылдын 12-апрелинде "Жамааттык ММК ассоциациясынын" юридикалык жактар уюмунун (ЮЖУ) мүчөлөрүнүн алгачкы отуруму өткөн. Иш-чарага эл аралык коомчулуктун эксперттери да катышкан. Алардын арасында Немис толкунунун Академиясынан (DW Akademie) Лидия РАНЕРТ жана ЮНЕСКОнун Алматыдагы кеңсесинин өкүлү Валентина ГАЛИЧ болгон. Аталган жумушчу жолугушуу Ассоциациянын мүчөлөрүнө төрт маанилүү документти талкуулап, кабыл алууга жардам берген. Ал документтер: мүчөлүк, башкаруу, ревизиялык комиссия тууралуу ички жобо жана этикалык кодекс.

Алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн Ассоциация ишмердүүлүктүн төмөнкүдөй түлөрүн жүзөгө ашырат:

- Калкты жамааттык ММК тууралуу маалымдоо.
- Ассоциациянын мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын коргоо жана жайылтуу.
- Биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу.
- Окутуучу иш-чараларды, семинарларды жана тренингдерди өткөрүү.
- Ассоциациянын мүчөлөрү үчүн тажрыйба алуу иштерин уюштуруу.
- ММК чөйрөсүндөгү колдонуудагы мыйзамдарга анализ жасоо.
- Өнөктөштүктү өнүктүрүү жана тажрыйба алмашуу.
- ММК чөйрөсүндөгү мыйзамдарды реформалоо максатын көздөгөн өнөктүктөргө катышуу.
- Маалымат алмашуу, маалыматтык материалдарды жайылтуу.
- Консультациялык кызматтарды көрсөтүү.
- Конференцияларды, симпозиумдарды жана тегерек столдорду уюштуруу жана өткөрүү.
- Маалыматка жеткиликтүүлүк, сөз эркиндигин жана ММК плюрализмин коргоо жана жайылтуу боюнча өнөктүктөрдү көтөрүп чыгуу жана өткөрүү.
- Изилдөөлөрдү жүргүзүү жана коомдук пикирди сурап билүү.
- Кыргыз Республикасында медиа-ландшафтты жакшыртууга жана маалыматка жеткиликтүүлүктү камсыздоого багытталган башка иш-чаралар.


Ушул тапта биздин донорлордун колдоосу менен түзүлүп жаткан башка мультимедиа-борборлор менен иштешип жатабыз. Мисалы, БУУнун жана Европа Биримдигинин "Социалдык адилеттүүлүккө жетүү үчүн ак ниеттүү башкарууну жайылтуу" долбоорунун алкагында, ошондой эле Кыргызстандагы БУУнун Демократиялык фондусунун долбоорунун алкагында 18 жамааттык мультимедиа-борборлор ишке берилген. Алар айылдык бардык жашоочулары – аялдар, балдар, мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар, социалдык жактан аярлуу адамдар, мугалимдер, дарыгерлер, дыйкандар ж.б. өз көйгөйлөрү, аларды эмне тынчсыздандырарын айтып берүүсү, маселени чечүү үчүн өз сунуштарын киргизе алуусу үчүн түзүлгөн. Мисалы, мындай мүмкүнчүлүк жеке же мамлекеттик массалык маалымат каражаттарында (ММК) жок. Эгерде жеке радиону ала турган болсок, алар угуучулардын кууш аудиториясы менен чектелишет. Алар көп учурда көңүл ачуучу мүнөздө иш алып барат жана ободо музыка гана жаңырып турат (рок, рэп ж.б.). Мамлекеттик ММКда мамлекеттик органдардын иши тууралуу маалымат гана айтылат. Коомдук ММК өлкөнү толугу менен камтыйт, бирок ошону менен бирге алыскы аймактарга, алардын көйгөйлөрүнө аз көңүл бурулат. Жамааттык мультимедиа-борборлор өз кезегинде химия жана физика сабактарында лабораториялык иштердин жоктугу, талкаланган жолдор, ичүүчү суунун кирдеши, медпункттардын жоктугу, миграция ж.б. тууралуу, башкача айтканда өлкөнүн алыскы аймактарында болуп келген жана адамдарды күнүгө ойго салган көйгөйлөр тууралуу айтып берет.

**–Акча болбосо, ММК, болгондо да жамааттык радио иштей албаары жашыруун эмес. Акчаны кайдан аласыңар?**

–Жамааттык радиостанция түрдүү булактардан каржылык колдоого таянат. Анын ичинде до-



нордук жардам, гранттар, мүчөлүк салымдар, демөөрчүлүк жардам же жарнак. Бул жерде каржылоо маселеси жамааттык радионун андар кийинки уюштуруучулук жана институционалдык өнүгүү маселеси гана болбостон, жергиликтүү бийлик органдарынын саясий кысым аспабы да болот. Эл аралык уюмдардын гранттык колдоосунан, жарнактык кызматтарды көрсөтүүдөн, демөөрчүлүк жамрдамдан же кайрымдуулуктан, угуучулардын мүчөлүк акысынан тышкары чыңалууну азайтуунун мүмкүн болгон жолдордун бири жамааттык радиостанциянын өзүн өзү каржылоосун өнүктүрүү болуп эсептелет. Иштиктүү аспап катары социалдык ишкерчилик болушу мүмкүн. Мисалы, товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруу, инвестициялар же башка бизнес ишмердик. Булар менен коммерциялык уюм катары, өз миссиясын ишке ашыруу максатында өз кирешесин алуу үчүн уюштуруучулук-укуктук структура боюнча жамааттык радио алектене алат.



## –Кыргызстан үчүн жамааттык ММКнын өзгөчүлүгү эмнеде?

–Жамааттык ММК белгилүү бир аймак үчүн гана эмес, бардык республика үчүн да чоң мааниге ээ. Анткени элет жергесиндеги окуялар, жашоочулардын көйгөйлөрү жана жетишкендиктери жалпы республикалык маалымат агымынан обочодо калууда. Буга себеп – географиялык түзүлүшүнөн улам көйгөйлөрдүн массалык маалымат каражаттарында чабал чагылдырылышы. Маалыматтык жалпы агымында аймактык кабарлардын жетишсиз саны жалпы өлкө боюнча маалымат талаасын олуттуу деңгээлде тарытат. Жамааттык ММК жамааттар менен иш алып барууда өзү үчүн пайда издебейт. Тескерисинче, радиостанциялар жана мультимедиа-борборлор калктын белгилүү бир катмарына гана эмес, бардыгына кандайдыр бир чыгымдарсыз жеткиликтүү болуусу үчүн бардык мүмкүн болгон иштерди жасайт. Ошону менен бирге жамааттык ММК адамдарды улуту, этникалык, расалык жана башка белгилери боюнча бөлбөйт. ЖММКнын кызматкерлери – мугалимдер, студенттер, окуучулар, ошол жамаатта төрөлүп-өскөн айылдыктар. Алар өзүнүн кесипкөй деңгээлин жогорулатып, өз тажрыйбасын элге өткөрүп беришет, ошондой эле жердештеринен, замандаштарынан үйрөнүшөт.

Ушул тапта Кыргызстанда 4 жамааттык радиостанция иштейт – Таласта, Суусамырда, Чоң-Кеминде, Баткенде. Мындан тышкары 18 жамааттык мультимедиа борбор иш алып барат. Жамааттык ММК маалымат жеткирет, адамдарды жеринде бириктирет жана заман талабы менен жашоо мүмкүнчүлүгүн берет. Алардын берүүлөрү аркылуу жергиликтүү көйгөйлөр көтөрүлүп, талкууга алынат. Жергиликтүү көйгөйлөрдү биргелешип талкуулоо – мына дал ушул нерсе биздин аймактарга жетишпей турат. Жамааттык ММК – бул жергиликтүү жамааттардын үнү.




Маектешкен
**Нургуль ЖАМАНКУЛОВА**



# ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы жаңы жамааттык ММКга дем берет

**Нургуль ЖАМАНКУЛОВА,**
**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси**

**2014-жылдын ноябрында Жалал-Абад жана Каракол шаарларында Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы 35 элеттик муниципалитеттин ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамаатынын 68 өкүлү үчүн “Жарандык коомду өнүктүрүү үчүн жамааттык ММК” деген аталыштагы практикалык семинарлар өттү. Семинарлар Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун алкагында уюштурулду.**

Семинарлар ЖӨБ органдарынын жетекчилерине жана жергиликтүү жамаатка жамааттык ММКнын түзүлүшү жана иши тууралуу маалымат менен технологияларды берүүнү гана эмес, жамааттык мультимедиа-борборлорду түзүүгө даяр болгон көбүрөөк кызыкдар муниципалитеттерди аныктоо максатын көздөдү. Ошол муниципалитеттерге кийин ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун атынан бир аз техникалык колдоо көрсөтүлөт.

Тренер катары Жамааттык ММК ассоциациясынын (ЖММКА) директору Назира ЖУСУПОВА жана ЖММКАнын мүчөсү, “Суусамыр” жамааттык радиосунун директору Айзада КАЛКАНБЕКОВА чакырылды. Ал эми баяндамачы-практик катары Чүй облусунун Жайыл районунун Кара-Суу аймагындагы коомдук мультимедиа-борборунун (“Кара-Суу” КМБ) координатору Султанаалы ЧАКЧАГАЕВ чыкты.

Убакыттын негизги бөлүгү теорияга арналды. Анткени Кыргыз Республикасында жамааттык ММК жаңы модель болуп эсептелет, бирок жамааттык ММК түшүнүгү жана аталышы талаштуу бойдон кала берүүдө. Кээ бирлер бул радио башка радиостанциялардан эч айырмаланбайт деп эсептейт. Ошондуктан катышуучуларга жамааттык радио түшүнүгүн жеткирүү маанилүү болчу.

“Адатта элеттик жашоочулар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иши тууралуу кошуналарынан угушат, же мындай кабарды көчөдөн, базардан угуп калышат, - дейт Назира ЖУСУПОВА. – Көп учурда мындай маалымат чындыктан алыс болот, же бурмаланган болуп чыгат. Натыйжада элет тургунунда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши тууралуу дайыма эле жакшы пикир калыптанбайт. Жергиликтүү бийлик өз кезегинде алар тууралуу элет тургундары эмне деп ойлооруна кызыкпайт. Мындай түшүнбөстүктөр кээде конфликттик кырдаалга алып келет, айылдын өнүгүүсүнө тоскоол болот. Радио репортаждарды жана сүрөттүү жаңылыктарды даярдоо ар-




кылуу жамааттык мультимедиа-борборлор элеттиктерге аларды тынчсыздандырган көйгөйлөрдү айтып алуу, алардын үнүн жергиликтүү бийликке жеткирүү мүмкүнчүлүгүн беришет. Экинчи жагынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары айылда кайсы көйгөйлөр өзгөчө маанилүү болгонун жана чукул арада чечүүнү талап кылганын билип калышат; ошондой эле тигил же бул маселени чечүү боюнча элеттиктердин сунуштарын жана пикирлерин көңүлгө түйүп коюшат”.

Жаңы теманы өздөштүрүүдө мүмкүн болушунча көбүрөөк таасир алуу жана натыйжалуулукка жетүү үчүн эки облустун катышуучулары шарттуу түрдө төрт топко бөлүнгөн. Эки күн бою катышуучулар ЖМБ ишиндеги чабал жана күчтүү жактарды аныкташып, жергиликтүү ресурстарын баалашып, өздөрүнүн сунуштарын көрсөтө алышты. Жамаатка тийиштүү болгон керектөөлөрдү, кызыкчылыктарды жана чектөөлөрдү түшүнүү үчүн, ошондой эле жамааттык мультимедиа-борборунун ишинде жергиликтүү калктын колдоо жана катышуу деңгээлин аныктоо үчүн “Аймактын картографиясы” тапшырмасын аткарышты.

Ысык-Көл облусунун Улахол, Күн-Чыгыш, Ак-Суу, Тогуз-Булак айылдык аймактарынан келген катышуучулар жана Жалал-Абад облусунун айрым айылдык аймактарынан катышкандар өзгөчө жигердүүлүгү жана кызыгуусу менен айырмаланышты. Мисалы, Авлетим айылдык аймагынан келген катышуучулар жергиликтүү калк ЖМБ ишин колдоого даяр экенин көрсөтө алгандан кийин айыл өкмөтү жылуу жай бөлүп берип, электр энергиясы менен камсыздап, ошондой эле жергиликтүү бюджеттен айлык акысын бөлүп берүүгө даярдыгын билдирди. Токтогул районунун Жаңы-Жол муниципалитетинен келген Айжан УСЕНКАНОВАНЫН тобу биринчилерден болуп тренерге долбоордук сунушту көрсөттү, оозеки консультация алып, долбоордук сунуштар боюнча комиссияга жибере алды. Сумсар ААнын тобу да мультимедиа-борборунун ачылышына жогорку кызыгуусун көрсөтө алды.

Семинардын соңунда катышуучулар өз аймактарынын территориясында борборлорду түзүүгө техникалык колдоо алуу үчүн болжолдуу бюджетти эсептөө менен табыштамалардын долбоорлорун иштеп чыгышты.

Ошондой эле семинардын катышуучулары жаңы медиаканалдардын бирин өздөштүрүштү – “Твиттер” микроблог платформасы, анын иштөө системасын жана мүмкүнчүлүктөрүн, аны менен катар «twitter to sms» системасын да. Катышуучуларга СМС-жөнөтмөгө кошулгандардын баарына жаңылык жана билдирүү жиберүү процесси көрсөтүлдү. Айрым катышуучулар жеринде элеттиктерди мобилдештирүү үчүн телефон номерлерин “Твиттерге” каттай алышты. Ошондой эле “Айылдын үнү” мобилдик тиркемеси да көрсөтүлдү. Аталган тиркеме Кыргызстандын тоолуу өрөөндөрүндө жашаган конкреттүү элеттик жамааттардын керектөөлөрүнө жараша орнотулат. Тиркеме жети облусту камтыйт жана жамааттык мультимедиа-борборлору менен колунда мобилдик телефону бар айрым элеттиктерге “Андроид” операциялык системасынын базасында айылдын кабарларын алып турууга, талкууга катышууга жана маалыматка жеткиликтүүлүктү жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет. Биринчи жумушчу күндүн соңунда катышуучуларга тапшырма берилди: kyrgyzmedia.com сайтында бөлүшүүгө боло турган темалар, көйгөйлөр жана окулар тууралуу ойлонуп келүү.

“Айрым муниципалитеттерден келген катышуучулар материалды андан ары жайылтуу максатында өздөштүрүүгө терең кызыгуусун көрсөтө алышты, - деп айтып берди Назира ЖУСУПОВА. – Айрым катышуучулар Тогуз-Торо өңдүү алыскы аймактардан келгенине карабастан, алар семинардан кийин түнкү саат 11-12ге чейин иштешип, тренерден ЖМБ иши тууралуу сураштырып, ин-






тервью уюштуруп, аны диктофонго жаздырып, андан кийин аны өздөрү угуп чыгып, каталарынын үстүнөн иштеп жатышты".

Семинардын практикалык бөлүгүнүн жүрүшүндө катышуучуларга өзүн диктордун, маектештин, жамааттын, ЖӨБ органынын маек берген өкүлүнүн ролунда сынап көрүү мүмкүнчүлүгү берилди. Диктофонду колдонуу, маек жүргүзүү техникасы жана Adobe Audition базасында монтаждык программалар менен иш алып баруу боюнча кыска көрсөтмөлөр берилди. Даяр материалдар жана радиорепортаждар kyrgyzmedia.com сайтына жайгаштырылды. Катышуучулар сайтка жергиликтүү жаңылыктарды өз алдынча жүктөп туруусу үчүн аларга Wordpress программасын колдонуу боюнча көрсөтмө берилди; сайттагы программаларды күүлөө, каттоо жана жаңылыктарды жайгаштыруу жолдору көрсөтүлдү.

Калган убакытты катышуучулар тренерлер менен биргеликте долбоордук жашоонун циклинин негизги учурларын ийне-жибине чейин үйрөнүп чыгып, долбоордук сунуштарды жазууга арнашты. Акыл чабуулу ыкмасын колдонуу менен катышуучулар жамааттын өнүгүү циклин түзүп, карап чыгышты; долбоордун жашоосунун ар бир баскычында, башында да, ишке ашыруу процессинде да мониторингдин маанисин баалашты. Бул сессияны бекитүү үчүн тренерлер тараптан ЖМБ түзүү боюнча ийгиликтүү долбоорлордун мисалдары колдонулду.

Семинарлардын жыйынтыгы боюнча www.kyrgyzmedia.com сайтында семинар маалында даярдалган аймактардагы көйгөйлөр жана жетишкендиктер, ошондой эле күзгү-кышкы мезгилге даярдык тууралуу 13 макала жайгаштырылды. Мындан тышкары катышуучулар жамааттык ММКнын функциясы жана табияты тууралуу билимге ээ болушту, 16 адам телефондор аркылуу "Твиттер"-жөнөтмөлөргө катталды, дагы 4 адам келечекте колдонуу үчүн "Айылдын үнү" тиркемесин жүктөй алышты.

Анарбек ОСМОНАЛИЕВ, Авлетим АА башчысынын орун басары: "Жамааттык мультимедиа-борборлор айыл өкмөттүн кызматкерлеринин калк алдындагы жоопкерчилигин арттырат: адамдар айыл өкмөтү аткарылган иштер тууралуу эмне деп айтаарын күтүшөт. Эгерде бизде мультимедиа-борбор ачылса, биз жай бөлүп берүүгө, атүгүл кызматкерлердин айлыгын төлөп берүүгө да даярбыз".






Чынара КАДЫРАЛИЕВА, «Эрайым» БӨУ, Чоң-Сары-Ой АА: "Көрсө жамааттык мультимедиа жарандарды чогултуп, же кайсы бир маалыматты бериш керек болгондо ишти олуттуу түрдө жеңилдетет экен. Учурда ар бир адамды негизинен "кагаз" жолу менен же жеке кайрылып чакырыш керек. Көптөр билбей деле калышы мүмкүн. Көрсө "коңгуроо" жана "Твиттер" аркылуу жергиликтүү калкты өз убагында маалымдаса болот экен. Биз муну өзүбүздө милдеттүү түрдө киргизишибиз керек. Мисалы, бизде ички фонддору эки миллион сомго чейин жеткен жамааттар көп – бул жакшы ресурс".

Тойгонбай МОЛДОБАЕВ, Сары-Булуң АА башчысы: "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери жергиликтүү маанидеги көйгөйлөрдү чечүүдө чындыгында эле көп иштерди аткарууда. Бирок калк баары бир ыраазы эмес. Бул айыл өкмөтү жарандарга өз ишинин жыйынтыгы тууралуу маалымат бербегендиктен болуп жатат. Бул семинардан мен аткарылган иштер тууралуу адамдарга өз убагында маалыматты кантип жеткирсе болорун үйрөндүм. Болгондо да муну тез, заманбап технологияларды, интернетти колдонуу менен ишке ашырса болот экен".

Урмат ОМУКЕЕВ, элеттик клубдун кызматкери, Атай АА: "www.kyrgyzmedia.com сайтында жарыяланган жаңылыктар аркылуу чет өлкөдө жашаган замандаштарыбыз жана айылдаштарыбыз өз айылында болуп жаткан окуялардан кабардар боло алат. Бул сонун! Эгерде биз мунун баарын өзүбүздө жайылта алсак, анда алар биздин үнүбүздү угуп, сүрөттөрүбүздү көрүп, бизде болуп жаткан окуялардан кабардар болуп турушат".

Бекжан БЕЙШЕКЕЕВ, жамааттын өкүлү, Тору-Айгыр АА: "ЖМБга байланышкан идея мага абдан жакты. Биз өз аймагыбызда болуп жаткан нерселер тууралуу кошуналарыбызга маалымат жеткире алабыз. Бул бизге ыкчам иш алып барууга жардам берет. Жакында эле ушул өңдүү долбоорду Балыкчыда башташкан. Биз да өзүбүздө ушуну ишке ашыргыбыз келет.

М

























# Сегиз күндүн ичинде 60 маалымат бюллетени

**Гуляим ШАМШИДИНОВА, Нургуль ЖАМАНКУЛОВА,**
ӨСИнин ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адистери

**Айыл өкмөттүн көптөгөн өкүлдөрү маалымат бюллетенин чыгаруу – бул татаал жана көп чыгашалуу процесс, жакшы окутулган журналисттерден турган редакцияга ээ болуш керек, аймак жашоочуларына чакан гезит чыгаруу үчүн көп акча кетет деп ойлошот. Көрсө, каалоо, компьютер, Word программасында иштөөдө баштапкы көндүмдөр жана көчүрүү үчүн бир аз акча болсо эле бюллетенди эки күндө чыгаруу мүмкүн экен.**

**ЖӨБ органдары менен жарандар ортосундагы маалымат алмашууну күчтөндүрүү, ЖӨБ органдарынын ишмердигинде ачык-айкындуулукка жана ачыктыкка жетүү максатында ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында Жалал-Абад жана Каракол шаарларында Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын 61 элеттик муниципалитетинин 158 өкүлү үчүн (анын ичинде 131и – жамааттын өкүлдөрү, 17си – ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жергиликтүү консультанттары).**






"ЖӨБ органынын маалымат бюллетенин уюштуруунун, иштеп чыгуунун жана чыгаруунун практикалык көндүмдөрү" деген аталышта семинарлар өттү. Уюштуруучулар компьютери бар айыл өкмөттүн ар бир кызматкерине жеткиликтүү болгон MS Word программасынын жардамы менен маалымат бюллетенин чыгаруу процессин мүмкүн болушунча жөнөкөйлөтүү максатын көздөштү.

ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн жетишерлик деңгээлде иштерди аткарып келишет, жакшы жыйынтыктарга жетет. Бирок, тилекке каршы, баары эле өз жетишкендиктерин калкка туура жеткире албайт, алар формалдуу, же "кабинеттик" отчетторду берүү менен чектелип калышууда. Натыйжада калк өз оюнан кайтпай турат, ЖӨБ органын иштебейт жана бюджеттик каражаттарды "чачат" деп айыптап келет. Мунун натыйжасында калк менен ЖӨБ органдары ортосунда маалымат ажырымы күчөп кетет. Ошондуктан Долбоор маалымат бюллетенин чыгаруу боюнча семинарга ЖӨБ органдарынын жетекчилерин гана эмес, айыл өкмөттүн катардагы адистерин, ошондой эле компьютерде иштөө боюнча жөнөкөй көндүмдөргө ээ болгон жамаат өкүлдөрүн чакырды. Катышуучулар өз аймактарында бюллетендин чыгарылышы үчүн жооптуу болот деп белгиленди.

Тренингдин жүрүшүндө катышуучулар ЖӨБ органынын маалымат бюллетенинин мазмунун уюштуруу, иштеп чыгуу, даярдоо жана түзүү, соңунда чыгаруу боюнча теориялык билимге ээ болушту. Бюллетендердин түрлөрүн, аларды жасалгалоону, максаттуу аудиторияны, түрмөктөрдү, маалымат булактарын, редакцияны түзүү процессин жана маалымат бюллетенин жайылтууну үйрөнүштү. "КРнын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон маалыматка жетүү тууралуу" КР Мыйзамынын 16, 17, 18, 19 жана 20-беренелерине кененирээк токтолушту. Аталган беренелерде ЖӨБ органдарынын маалымат берүү ыкмалары, ошондой эле жарыялanууга тийиш болгон маалыматтын түрлөрү так көрсөтүлгөн. Белгилүү америкалык дизайнер Рожер С. ПАРКЕРдин "Канткенде кагазда кооз жасаса болот" деп аталган китебинен үзүндүлөр окулду. Ал китепте бюллетендин ийгилигинин сырлары тууралуу сөз болот. Анын негизги милдети – окурмандын керектөөлөрүн канааттандыруу аркылуу маалымат бюллетенинин таасирин күчтөндүрүү.

## Окутуунун мыкты ыкмасы – жеке мисал

Семинарда Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Көк-Ирим айылдык аймагынын салыктар боюнча инспектору, өз муниципалитетинде бюллетенди чыгаруу демилгесин көтөрүп чыккандардын бири Паризат НАЙМАНОВА сөз сүйлөдү. Чакан жергиликтүү бюджетке ээ болгон (790 миң сом) Көк-Ирим айылдык аймагы ай сайын толук кандуу маалымат бюллетенин чыгарып келаткан Кыргызстандагы алгачкы айылдык аймактардын бири болуп эсептелет. Бул тууралуу Паризат "Маалымат алмашууну уюштуруу: муниципалдык ай сайын чыкчу маалымат бюллетени" деп аталган баяндамасында кеңири айтып берди. Паризат редакциялык кеңешти түзүү жана аны АӨ чечими менен расмий бекитүү, маалыматты чогултуу, редакциялоо, чыгаруудан баштап, даяр продукцияны калк жана өнөктөштөр арасында таратуунун түрдүү механизмдерине чейинки процесс тууралуу билгендери менен бөлүштү. Иш-чаранын катышуучулары редакциялык кеңеш, маалымат булактары, чыгашалар, бюллетенди жайылтуунун жолдору, кайра байланышуу каналдары, окурмандардын ой-пикирлери тууралуу билгилери келип, баяндамачыга суроолорду жаадырышты. Сөзүнүн соңунда баяндамачы буларды айтты: "Эгерде мурда айыл тургундары жүк ташуучу машинелердин айдоочулары өз демилгеси менен жолдорду оңдоп, адамдарга жардам берүүдө деген ой менен











аларга ыраазычылык билдирип келсе, бюллетендин жардамы менен алар ЖӨБ органынын иши жана жергиликтүү бюджеттин бардык чыгашалары тууралуу билип калышты. Калк тарабынан ЖӨБ органына карата мамиле 100% өзгөрдү, коомдук жайларда жарандар АӨ иши жана бюллетень тууралуу оң пикирлерди айтып жатышат".

## Көз коркок, кол баатыр

Практика – маанилүү учур болуп калды. Катышуучулардын көңүлү бюллетенди түзүү процессинде MS Word программасынын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуунун мисалдарына бурулду. Убакыттын негизги бөлүгү маалыматтарды иштеп чыгуунун практикалык көндүмдөрүнө жана жергиликтүү калк менен башка максаттуу аудиториянын арасында андан ары жайылтуу үчүн башка маалыматтарга арналды. Ошондой эле катышуучулар сүрөттөрдү, сандарды, таблицаларды жана башка графикалык элементтерди даярдоо жана иштеп чыгуу боюнча кошумча билимге ээ болушту.

Практикалык көнүгүүлөр маалында уюштуруучулар бир нерсени байкашты: катышуучулардын компьютердик билим жана көндүм деңгээли ар башка болуп чыкты. Эгерде теориялык бөлүккө











белгиленген убакыт кетсе, практикалык бөлүккө эки эсе көп убакыт кетти. Анткени айрым катышуучулар MS Word менен иштөөдө элементардык нерселерди билишкен эмес.

Ошол эле маалда айрым бир муниципалитеттердин жетекчилиги тарабынан кызыкдарлыктын жогорку деңгээли байкалды: Кетмен-Дөбө АӨ башчысы (Токтогул району) Советбек ЖАНАЛИЕВ, Жаңы-Жол АӨ (Токтогул району) башчысынын орун басары Анара КУЛЖАБАЕВА практикалык семинарга өздөрү катышты. Ал эми Ленин АӨ (Сузак району) башчысы Чолпон МУРЗАКАНОВ жана Багыш АӨ (Сузак району) башчысынын орун басары Казыбек КАЛДЫБАЕВ өз өкүлдөрүнө көз салып, жардам берип, алдын ала даярдалган маалыматтын деталдарын жеринде тактоо менен аларга колдоо көрсөтүп турушту. Бул болсо кызматкерлерге кошумча моралдык колдоону камсыздап турду. Натыйжада компьютерде иштөө билиминин салыштырмалуу төмөн деңгээлине карабастан көпчүлүк катышуучулар жогорку жигердүүлүктү жана маалымат бюллетендери менен ишти улантууга кызыгууну көрсөтө алышты. Катышуучулар тренерлер менен биргеликте түнкү саат 2-3кө чейин иштеп, өз бюллетендеринин дизайнын жакшыртканы буга далил болуп берет.





Катышуучулардын арасынан компьютерде жакшы иштей албаганына карабастан көктүгүн жана аракетчилдигин көрсөтүп, консультанттар менен эксперттерге жардам сурап кайрылып, өз идеяларын адегенде кагаз бетине түшүрүп, андан кийин компьютерге көчүрүп турган Ак-Шыйрак муниципалитетинин өкүлдөрү өзгөчөлөнө алышты. Бул жагдайлардын баары адамдар ушундай практикалык маалымат берүүчү-окутуучу программаларга "суусап" калганын көрсөтүүдө. Себеби күн сайын кайталана берчү, шыктандырбаган, кандайдыр бир жаңы көндүмдөрдү жана билимди бербеген жумуш прогрессивдүү жаңычыл чечимдерге жана иштин жаңы стилде жүргүзүүгө болгон каалоону жок кылып коёт.

## Жеке окуя

Руслан ЖУМАЕВ, Кызыл-Туу айылдык аймагынын жооптуу катчысы, Жалал-Абад облусу боюнча II топтун жеңүүчүсү башка катышуучулар ага караганда мыкты даярдыкта болгонун жана компьютерди жакшы колдоноорун көргөндөн кийин жеңиш тууралуу кыялдана да алган эмес: "Мен атүгүл дизайн деген эмне экенин да жакшы түшүнчү эмесмин, эч качан бул чөйрөдө иштеген эмесмин, компьютерди кадимкидей эле колдоном. Бирок эки күндүн ичинде көп нерсеге үйрөндүм: дизайндын негиздерине, тексттерди жана сүрөттөрдү жайгаштырганга, ариптерди тандаганга; маалымат бюллетенинин беттеринде кандай маалыматты калк үчүн жайгаштырса маанилүү болорун өздөштүрдүм. Ушунчалык кызыктуу болгондуктан бул иштерди өзүмдүн айыл өкмөтүмдө да улантмакчымын. Негизгиси кесиптештерим жана ЖӨБ органынын жетекчилиги колдосо болду". Журналдын бул чыгарылышы даярдалып жаткан чакта Руслан биз менен байланышып, кесиптештери анын окуудагы жетишкендиктерине кызыгып, маалымат бюллетенин иштеп чыгуу жана чыгаруу боюнча демилгесин оң баалашканын кабарлады. Атүгүл айылдык кеңештин кезектеги сессиясында Руслан ЖУМАЕВ семинардын жыйынтыгы боюнча атайын баяндама жасап, ал эми айыл өкмөт башчысы биринчи жолу отчетту сүрөт жана инфографика түрүндө тапшырган экен. Кеңештин депутаттары ай сайын Кызыл-Туу айылдык аймагынын маалымат бюллетенин чыгаруу за-

***1-таблица.***
***Мыкты маалымат бюллетенине***
***жарыяланган сынактын жеңүүчүлөрү***

| Орундар | Ысык-Көл облусу, Каракол шаары | | Жалал-Абад облусу, Жалал-Абад шаары | |
|---|---|---|---|---|
| | I топ | II топ | I топ | II топ |
| 1 | Күн-Чыгыш АА, Тоң району | Кара-Жал АА, Ак-Суу району | Базар-Коргон АА, Базар-Коргон району | Кызыл-Туу АА, Сузак району |
| 2 | Боз-Учук АА, Ак-Суу району | Кум-Бел АА, Ысык-Көл облусу | Биринчи май АА, Ала-Бука району | Ленин АА, Сузак району |
| 3 | Кара-Ой АА, Ысык-Көл району | Тогуз-Булак АА, Түп району | Сакалды АА, Ноокен району | Торкен АА, Токтогул району |
| | Б.Мамбетов АА, Тоң району | | | |
| **Шыктандыруучу байгелер** | Айылдык аймактар: Арал, Улахол, Бостери, Чоң-Сары-Ой, Ананьево, Кажы-Сай, Тоң, Ак-Дөбө, Липенка жана Төрт-Күл | Айылдык аймактар: Жети-Өгүз, Ак-Чий, Тогуз-Торо, Семеновка, Тору-Айгыр, Атай, Каргалык, Сары-Булуң, Ак-Шыйрак, Дархан, Кереге-Таш | Айылдык аймактар: Бешик-Жон, Сумсар, Көк-Таш, Ала-Бука, Масы, Кеңеш, Ак-Коргон, Момбеков, Могол, Акман, Балтагулов, Терек-Сай, Чаткал | Айылдык аймактар: Багыш, Жаңы-Жол (Аксы), Жаңы-Жол (Токтогул), Авлетим, Курманбек, Сузак, Ырыс, Кара-Суу, Жерге-Тал, Кара-Жыгач, Достук, Кетмен-Дөбө, Чолпон-Ата |

рыл деген бир пикирге келишкен. Ал эми тийиштүү чыгашаларды жергиликтүү бюджетке киргизүү мүмкүнчүлүгү жергиликтүү кеңештин кийинки сессиясында каралмакчы.

## Коркушту, бирок жасашты!

Натыйжада 8 күнгө созулган тренинг маалында катышуучулар 60 муниципалдык маалымат бюллетенин даярдай алышты. Маалыматка бай болгону, актуалдуулугу, эстетикалык, дизайн жагынан алып караганда айрымдар жаңычыл чечимдерди таба алышты. Атүгүл айрым бюллетендер кесипкөй басма маалымат бюллетендеринен да айырмаланган жок. Бул иш-чара ар бир аймакта айыл жашоочуларынын арасында да, айыл өкмөттүн кызматкерлеринин ичинде да таланттуу, чыгармачыл адамдар бар болгонун дагы бир жолу тастыктады. Мындай адамдарга өзүнүн дараметин ачып берүү үчүн шарт түзүү зарыл.

Теңтайлашуучулук жана атаандаштык аракети көптөгөн катышуучуларга өз жөндөмүүлүктөрүн ачып, көндүмдөрүн жакшыртууга жардам берди; алар колдо болгон материалдардын баарын колдонуп, ыкчам иштеп жатышты. Мисалы, кээ бир катышуучулар сүрөттөрүнүн сапаты начар экенин байкаар замат айыл өкмөтүндөгү кесиптештеринен жакшы сапаттагы башка сүрөттөрдү жүктөп жиберүүнү суранып жатышты, же дизайнды жакшыртуу үчүн улуттук оймо-чиймелердин түрүн интернеттин жардамы менен табышты.

Катышуучуларды шыктандыруу, ошондой эле мүмкүн болушунча көбүрөөк натыйжага жетүү үчүн мыкты маалымат бюллетенине сынак жарыяланды. Анын жеңүүчүлөрү санарип фотоаппарат, USB–модем, флэш-диск жана бюллетенди даярдоо жана басып чыгаруу процессинде зарыл боло турган органайзерлер түрүндө белектерге ээ болушту.

Долбоордун жергиликтүү консультанттарынан жана эксперттеринен турган сынактык комиссия өз иштерин төмөнкүдөй критерийлер боюнча баалады: маалымдуулук, актуалдуулук, жалпак тилде баяндалышы, кооз жасалгалоо, креативдүүлүк (чыгармачыл мамиле), сүрөттөрдүн болушу жана алардын сапаты. Натыйжада көпчүлүктүн добушу менен байгелүү орундар жана шыктандыруучу байгелер 1-таблицада көрсөтүлгөндөй бөлүштүрүлдү.

## Мындан ары эмне болот?

Семинардан кийин катышуучулар бюллетендерди ийнине жеткире иштеп чыгышты. Андан кийин ЭҮЖӨБОЖ Долбоору ар бир муниципалитет үчүн бюллетендердин 200дөн 500гө чейин нускасын (тираж аймактын калкынын санына жараша болду) басып чыгарууга кеткен типографиялык чыгашаларды төлөп берди. Натыйжада практикалык семинарга катышкан 60 айылдык аймак (61дин ичинен) жарандар арасында жайылтуу үчүн даяр маалымат бюллетендерин алышат. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору бул жардам айылдык аймактардын жамаатка зарыл болгон, мазмундуу маалыматты үзгүлтүксүз жеткирүү режимине өтүүсү үчүн ЖӨБ органдары маалымат алмашуунун жаңы натыйжалуу механизмин – маалымат бюллетенин – мындан ары да колдонуп, өнүктүрө баштоо үчүн аларга дем болуп берет деп ишенет.

Андан кийин бардык нерсе ЖӨБ органдарынын жетекчилеринин көз каранды болот. Алар бюллетенди чыгарууга кеткен чыгашаларды бюджетке кошуу мүмкүнчүлүгүн караштыра алат. Бирок бюллетенди түзүү, иштеп чыгуу, чыгаруу жана жайылтуу маселелери боюнча адегенде айыл өкмөттүн кызматкерлеринин жана жамааттын мүчөлөрүнүн ичинен жумушчу топту түзүп алуу керек. М



# Маалымат бюллетенин чыгаруу: ченемдик укуктук негиздеме жана каржылоонун аспекттери

## Ченемдик укуктук негиздеме

Эгерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында маалымат бюллетенин туруктуу негизде басып чыгаруу ниети болсо, ЭҮЖӨБОЖ Долбоору мыйзамдардагы талаптарды карманууну сунуштайт. Анткени "Басып чыгаруу иши жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, басма продукцияны жарыкка чыгарууга даярдыкка жана чыгарууга багытталган уюштуруучулук, чыгармачыл, өндүрүштүк иш-чаралардын жыйындысы басылма иши болуп эсептелет. Басылма продукциясын даярдоону жана чыгарууну жүзөгө ашырган юридикалык жак (анын ичинде айыл өкмөтү) же жеке ишкер басып чыгаруучу болуп эсептелет. Аны менен катар басылма продукциясы өз кезегинде эки түргө бөлүнөт: 1) мезгилдүү эмес басылма продукциясы жана 2) мезгилдүү басылмалар.

Мезгилдүү эмес басылма продукциясына мыйзам боюнча китептер, брошюралар, альбомдор, плакаттар, буклеттер, куттук каттар жана башка полиграфиялык өндүрүштөгү тиражына жана даярдоо ыкмасына карабастан өз алдынча жасалгаланган басылмалар кирет.

Мезгилдүү басылмаларга туруктуу аталышы бар, үзгүлтүксүз, жылына бир жолудан кем эмес чыгып турган гезиттер, журналдар, альманахтар, бюллетендер жана башкалар кирет.

Мындан улам ЖӨБ органдары чыгарып турган бюллетендер автоматтык түрдө мезгилдүү басылмаларга кирип калат. Ошол эле Мыйзамдын талаптарына ылайык, басылма продукциясын басып чыгаруучу КР Юстиция министрлигинин аймактык (облустук) бөлүмчөсүндө мамлекеттик каттоодон өтүп, күбөлүк алгандан кийин гана басма иши менен алектенүүгө укуктуу. Күбөлүк болбогон учурда ЖӨБ органдарынын бюллетендерди чыгаруу боюнча бардык ишмердиги мыйзамсыз деп эсептелет.

ЖӨБ органдары "Басма иши жөнүндө" КР Мыйзамын кылдат үйрөнүп чыгышы керек. Себеби басып чыгуучулар чыгарган бардык басылма продукциялар аталган мыйзамда көрсөтүлгөн эл аралык жана улуттук стандарттарга ылайык маалыматтарды камтыш керек.

"Документтердин милдеттүү нускасы жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, ЖӨБ органдары мыйзамда белгиленген тартипте жана санда тираждын алгачкы партиясы жарыкка чыккан күнү басылмалардын бардык түрлөрүнүн милдеттүү бекер нускаларын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдындагы Мамлекеттик китеп палатасына жеткириш керек. Акыркысы: ЖӨБ органдары бюллетендерди чыгарганда басылма продукциясында басып чыгарууга тыюу салынган материалдарды жана маалыматтарды колдонбоо тууралуу мыйзамдын нормаларын катуу карманыш керек. Мамлекеттик же башка мыйзам менен атайын коргоого алынган жашыруун сырды, бийликти күч менен басып алууга, же учурдагы конституциялык түзүлүштү өзгөртүүгө чакырган, согушка, зордук-зомбулукка жана мыкаачылыкка үгүттөгөн, расалык, улуттук жана атеистик сабырсыздыкты, порнографияны, ошондой эле башка кылмыш жоопкерчилигине тарткан чакырыктарды камтыган маалыматтарды басып чыгарууга жана жайылтууга жол берилбеш керек.

## Каржылоонун аспекттери

Маалымат бюллетенин чыгарууну каржылоо маселелерине келе турган болсок, баары колдогу ресурстарга жана анын көлөмүнө көз каранды болот.

1-вариант: айыл өкмөтүндө зарыл болгон жабдуулардын баары бар жана кагазга, картриджге жана канцелярдык товарларга гана чыгашалар талап кылынат. Мындай учурда бюллетенди чыгаруу ыйгарым укугу аткаруучу органда болот. Ошондуктан жооптууну дайындоо менен маалымат бюллетенин чыгаруу тууралуу АӨ башчысынын буйругу талап кылынат. Аталган вариант боюнча чыгашалар 3-5 миң сомдон ашпайт, аны айыл өкмөтү бюджеттик классификациянын төмөнкүдөй элементтери аркылуу тариздөө менен сарптай алат: 22155 │Күнүмдүк чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алуу, 22156200 │Бланктарды чыгарууга кеткен чыгашалар, 22156300│Маалыматтык-коммуникациялык кызматтарды көрсөтүү (эгерде кимдир бирөөнү ишке алуу керек болсо). Болбой калды дегенде бул чыгашаларды "башкалар" беренеси аркылуу "алып өтсө" болот.

2-вариант: жабдууларды сатып алуу зарыл. Эгерде бюджетте жабдууну, товарларды сатып алууга белгилүү бир сумма каралса жана бул сумманы көбөйтүү зарылчылыгы пайда болбосо, анда бардыгы биринчи вариантка ылайык жасалууда. Эгерде сумма олуттуу болсо жана бюджет боюнча бекитилген көрсөткүчтөрдөн ашса, анда бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн айылдык кеңештин сессиясы чогулат. Өзгөртүүлөр булакка жана тийиштүү чыгашаларга жараша кирешелерге тиешелүү болгонун эстей жүрүү маанилүү.



# Ысык-Көл облусунда тажрыйба алмашуу боюнча сапар: кеңештер бекемдөөдө, ЖӨБнын жумуштары жана кызмат көрсөтүүлөрү ачык-айкын болууда

**Гуляим ШАМШИДИНОВА,**
ӨСИнин ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

2014-жылдын соңунда ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Ысык-Көл облусунун 24 айылдык аймагынын жооптуу катчылары жана айылдык кеңештеринин төрагалары үчүн окуу сапарын уюштурду. Сапардын максаты – жарандарды бюджеттик процесске жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу практикасын үйрөнүү, Ысык-Көл облусунун айылдык аймактарында айылдык кеңештин, айыл өкмөттүн жана жергиликтүү жамааттын өз ара аракеттенүү системасын өздөштүрүү. Жөнөкөй тил менен айтканда, ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жергиликтүү маанидеги татаал маселелерди чечүүдө, мисалы, инвестицияларды тартуу, таштанды чыгаруу жана жыйноо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууда аткаруучу орган, жергиликтүү кеңеш жана калк кантип өз ара аракеттене алаарын жана аны ишке ашырыш керектигин көрсөтүүгө аракет жасады. Баары болуп сапарга 60тан ашуун адам катышты: айылдык кеңештердин төрагалары жана айыл өкмөттүн жооптуу катчылары, облустук жана райондук ММКнын өкүлдөрү, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адистери.

## Кара-Жал айылдык аймагынын айылдык кеңешинин сессиясы

Айылдык кеңештин депутаттарынын ишмердиги тажрыйба алмашуунун өзөктүк темасы болуп калды. Тагыраак айтканда, Кара-Жал айылдык кеңешинин регламентинин жаңы редакциясы боюнча ачык сессияны өткөрүүгө карата, ал туруктуу комиссиялардын бүтүмдөрүн даярдоо жана берүү. Кара-Жал айылдык кеңешинин сессиясына он бир депутатынын тогузу, жергиликтүү жамааттын 25 өкүлү, айыл өкмөт аппаратынын 8 кызматкери катышты. Сессияда төмөнкүдөй маселелер каралды: башчынын 2014-жыл ичинде инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча маалыматы; айыл өкмөтүнүн 2015-2017-жылдарга инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча программасы.

Биринчи маселе боюнча сөз сүйлөп жатып, айыл өкмөт башчысы Өмүрбек ТАМАЕВ жалпы суммасы 17 миллион сомду түзгөн инвестициялык



жана гранттык алты долбоорду ишке ашыруунун жыйынтыктары тууралуу айтып берди:

- Тегизчил айылындагы узундугу 1,7 км болгон ички жолдор оңдолду;
- Тегизчил айылында ФАПтын имаратынын капиталдык ремонту жүрүп жатат;
- Тегизчил айылында бала бакчанын курулушу башталды;
- Жаңы-Арык айылында "Айбанаттар фермасы" насос станциясы тартипке келтирилип, оңдолду;
- көчөттөр отургузулду;
- Тегизчил айылында жаштар борбору ачылды.

Бюджет, социалдык маселелер жана муниципалдык менчик; жер маселелери, мал чарбачылыгы жана экология боюнча туруктуу комиссиялардын төрагаларынын баяндамалары сессиянын маанилүү учуру болуп калды. Бул баяндамалар жөн гана курулай сөз болгон жок, объекттерди изилдеп чыккандын негизинде даярдалган бүтүмдөр болду. Ошондуктан ал бүтүмдөр долбоорлорду ишке ашыруунун натыйжаларын так чагылдырган жана конкреттүү кемчиликтерди көрсөтө алган. Мисалы, жолдордун айрым бир бөлүгүнө асфальт сапаттуу төшөлбөй калган; насос станциясында эски насостор орнотулган; ФАПтын ремонту толук өлчөмдө жүрбөй жатат. Башчы депутаттардын суроолоруна жооп берип, ошол кемчиликтерди жоюунун жолдорун биргелешип издешкен. Мисалы, насос станциясы жазгы талаа иштерине сугат сууну камсыздай алабы деген суроого айыл өкмөт башчысы насосторду алмаштыруунун мүмкүнчүлүктөрүн караштырып жатканын айткан; жолдорго асфальт төшөөгө жана ФАПтын ремонтуна байланыштуу суроого кемчиликтер жоюлбаса, жумуштар аткарылды деп кабыл албай турганын айткан.

Депутаттардын көңүлүн инвестициялардын булактары бурду. Көрсө долбоорлордун көбү Ысык-Көлдү Өнүктүрүү фонду (мындан ары – ЫКӨФ) тарабынан каржыланган экен. Бирок Аталган фондго гана үмүт арта берүү туура эмес, инвестициялык долбоорлорду каржылоонун жаңы булактарын издеш керек. Мындан тышкары депутаттар жана жамааттын өкүлдөрү дээрлик бардык долбоорлор Тегизчил айылында ишке ашырылып жатканына, Жаңы-Арык айылында көптөгөн көйгөйлөр чечилбеген бойдон калып жатканына, аны менен бирге капиталдык ремонтко ири каражатты талап кылган эски мектеп бар экенине башчынын көңүлүн бурушту.

Эки туруктуу комиссиянын бүтүмүн добуш берүүгө коюп, айылдык кеңештин депутаттары сессияда айтылган эскертүүлөрдү жана сунуштарды эсепке алуу менен аларды бир добуштан бекитишти. Жалпысынан айыл өкмөт башчынын 2014-жыл үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча иштердин жыйынтыктары тууралуу маалыматы кабыл алынып, аталган кемчиликтерди четтетүү сунушу берилди.



Сессиянын экинчи бөлүгү – 2015-2017-жылдарга инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча программанын долбоорун талкуулоо жемиштүү болду. Муниципалитет Р-3 каналдарын тазалоого, көчөлөрдү жарыктандырууга, жасалма жол менен уруктандыруу пунктун ачууга, жер семирткичтер фондун түзүүгө, балык чарбачылыгын өнүктүрүүгө инвестицияларды тартууну пландады. Бюджет, социалдык маселелер жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссия пландын долбоорун окуп чыгып, маанилүү жана маңыздуу сунуштарды берди:

- жасалма уруктандыруу пункттарын ачуу боюнча: мындай пунктту кайрадан ачардан мурда буга чейин ПРООНдун долбоорунун алкагында сатып алынган колдогу жабдуу эмне үчүн иштебей калганын аныктоо керек;
- планга Жаңы-Арык айылындагы жаңы мектептин курулушун кошуу;
- планга Тегизчил айылындагы гана эмес, аймактагы башка айылдардын да объекттерин кошуу;
- Жаңы-Арык айылындагы коомдук транспорттун маршрутунун жол жүрүү узактыгын көбөйтүү ж.б..

Депутаттар бир добуш менен туруктуу комиссиянын бүтүмүн жактырышты жана туруктуу комиссиядан түшкөн сунуштарды эсепке алуу менен 2015-2017-жылдарга айылдык аймакка инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча Программанын долбоорун бекитишти.

Кара-Жал кеңешинин сессиясына конок катары катышкан Ак-Суу районунун акими Ж.А.БАЙСЕИТОВ сессиянын ишин жогору баалады: “Жергиликтүү кеңештердин ролу өсүп жатат, депутаттар кырдаалдан жакшы кабардар экенин көрсөтүүдө жана сапаттуу чечимдерди сунушташууда. Бирок биз жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдары ортосунда дагы да конструктивдүү мамилелерди орнотууга аракеттенишибиз керек. Ошондо гана ийгиликке жетип, айылдагы турмуш шартты жакшыртуу мүмкүн болот”.

Окуу сапарынын катышуучулары финансы каражаттары такыр жетпей турган шарттарда жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартуу чөйрөсүндө ЖӨБ органдарынын ишин күчтөндүрүү зарыл экенин белгилешти. Ошону менен бирге айылдык кеңештердин ыйгарым укуктары тартылган инвестицияларды колдонуу сапатына таасир этүү мүмкүнчүлүгүн берет. Тилекке каршы айыл өкмөтүнүн жетекчилиги көптөгөн каалгаларды кагып чыгууга туура келет – бизнеске, мамлекетке, эл аралык уюмдарга кайрылат. Дайыма эле сүйлөшүүлөр ийгиликтүү аяктап калбайт. Көп учурда өтүнүчтөр жоопсуз кала берет, анын үстүнө суранган адамдын позициясы ЖӨБ органдарынын инвестициялык долбоорлордун багытына жана ишке ашыруу сапатына толук өлчөмдө таасир этүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат. Бул жерде депутаттык корпустун ролу өтө маанилүү. Дал ошол депутаттар долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруу сапатына таасир эте алат жана кемчиликтерди көрсөтүп берет.



## Таштандыга тариф – Жети-Өгүз АА коомдук угуулардын предмети

Жети-Өгүз айылдык аймагында катуу тиричилик калдыктарын жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү процессине жарандарды тартуу боюнча тажрыйбаны үйрөнүү окуу сапарынын экинчи максаты болуп калды. Кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоо, анын ичинде бюджеттик каржылоо жана тарифтерди эсептөө маселелери боюнча коомдук угууларды өткөрүү маанилүү баскыч болду.

Муниципалитетте маселе курч турат – Элет көйгөйлөрүн биргелешип аныктоонун (ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу менен) жүрүшүндө калк таштандыны чукул арада чечилиш керек болгон көйгөй катары көрсөткөн. Биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруунун жүрүшүндө демилгелүү топ тарабынан “Таза айыл өз колубузда” долбоору иштелип чыккан. Аталган долбоор айылдын чогулушунда артыкчылыктуу катары тандалып алынган жана ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун гранттык сынагынын алкагында бир миллион сомдук грант утуп алган. Ошондой эле айыл өкмөтү ушундай эле сумманы кошо каржылоого Ысык-Көлдү Өнүктүрүү фондун тарта алган, дагы жарым миллионду “Кумтөр Голд Компани” компаниясы бөлгөн. Натыйжада атайын техника – жалпы суммасы 2 млн. 500 миң сомго экскаватор сатып алынды жана аны натыйжалуу колдонуу үчүн таштандыны жыйноо, чыгаруу жана жок кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүүнүн финансылык аспекттерин чукул арада чечип алыш керек болчу. Бул маселени милдеттүү тартипте калк менен талкуулап алуу зарыл эле. Анткени тарифтик саясат – айылдын ар бир тур-

гунуна тиешелүү маселе. Айыл өкмөттүн жетекчилиги коомдук угууларда келечекте көрсөтүлө турган кызматтын кеңири схемасын, графиктерин жана эсептөөлөрдү көрсөтүп, кийинки аракеттердин планын сунуштады. Анын ичинде жакынкы келечекте муниципалдык мекемени түзүү маселеси көтөрүлдү.

Коомдук угууларга жергиликтүү жашоочулардын ичинен 160тан ашык киши чогулду, анын ичинде 48 аял, айылдык кеңештин алты депутаты жана айыл өкмөт аппараты толук курамда – 22 киши катышты.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу төмөнкүдөй планды сунуштады:

- таштанды жыйноо жана чыгаруу кызмат көрсөтүүсү үчүн жыйымды жыл сайын ар бир короого 97 сом өлчөмүндө орнотуу (буга чейин аталган жыйым "айылдын өзүнчө салыгы" деп аталып келген, 1 сотик үчүн акы 1 соду түзгөн), ошондой эле калк үчүн атайын техниканын башка кызмат көрсөтүүлөрүнө баалардын прейскурантын бекитүү.
- Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларын таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөөдөн толугу менен бошотуу;
- таштанды чыгаруу графигин жана таштанды аянтчаларын жайгаштыруу планын бекитүү;
- жашоочулардын каалоолорун эсепке алуу менен КТК жыйноо үчүн аянтчаларды жайгаштыруу жана калк үчүн атайын техниканын кызмат көрсөтүүлөрүнүн баасын эсептөө тууралуу жарандарга маалымат берүү үчүн кварталдык көчө чогулуштарын өткөрүү.

Коомдук угууларда таштандыны өрттөө сунушу кайрадан жаңырды, бирок өз саламаттыгы үчүн кооптонгон элеттиктер бул сунушту четке кагышты. Ошону менен бирге мектептин директору тазалык үчүн да, таштандыны өрттөөгө каршы да түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү сунуштады.

Айыл өкмөттүн кызматкерлери тарифтер тууралуу маалыматты өтө жеткиликтүү жана түшүнүктүү даярдап, коомдук угууларга сапаттуу даярданганынан улам талкуу конструктивдүү маанайда өттү.

Жалпы пикир боюнча, коомдук угуулардын натыйжасында жергиликтүү бийлик да, калк да утушта калды. Биринчиден, жашоочулар үчүн актуалдуу кызмат көрсөтүү түзүлдү, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү бир нече эсеге өсөт. Экинчиден, тариф 8 айдын ичинде (марттан ноябрга чейин) үзгүлтүксүз кызмат көрсөтүүнү камсыздап турат. Бир аз гана иштер калды – айыл өкмөтү калк тарабынан узатылган сунуштарды эсепке алуу менен документтердин пакетин даярдайт жана аны айылдык кеңештин кароосуна жиберет.

Коноктор – окуу сапарынын катышуучулары да талкууга өз салымын кошушту. Алар аймактын көчөлөрүндө таштанды үчүн идиштерди орнотууну, ошондой эле юридикалык жактардан таштанды жыйноо жана чыгаруу үчүн жыйымды жергиликтүү бюджеттин кирешесине кошууну сунушташты. Кошуна аймактарга бириге калып, КТК боюнча чакан кайра иштетүүчү завод ачуу сунушу актуалдуу болуп калды. "Чогулган таштандыны дайыма эле жердин астына көмө берүүгө болбойт. Бул эртеби-кечпи бардык аймакта экологиялык кырсыкка алып келет", - деп эсептешет башка айылдык аймактардан келген кесиптештер.




## Окуу сапарынын жүрүшүндө өздөштүрүлгөн тажрыйба кантип колдонулат?

Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары өздөрү үчүн бир топ тыянактарды жана пайдалуу байкоолорду жасашты. Ал эми жалпылоочу сессиянын жүрүшүндө алынган тажрыйбаны өз муниципалитеттеринде кантип колдоно турганын айтып беришти. Мисалы, жаңы регламентке ылайык жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссияларынын иш планын түзүү, инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча планды иштеп чыгуу.

Руханий адабиятта биздин аракеттерибиздин себептиги – адам кантип алынган тажрыйбаны колдонору, өзү үчүн кандай тыянак чыгарганы жана бул анын жашоосуна келечекте кандай таасир тийгизгени тууралуу көп айтылат. Ар бир тажрыйбаны баамдоо маанилүүлүгү тууралуу тезис кандайдыр бир деңгээлде ушул кырдаалга да туура келчүдөй. Ошондуктан сапардан кийин эле катышуучулар тараптан аракеттер да башталды.

Мындан тышкары ӨСИ жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдөрүнө кайрадан эскертет: алар ушул өңдүү иш-чараларга катышууга бүтүндөй айылдык аймактын атынан, өз муниципалитетинин өкүлү катары чакырылат. Ошондуктан алынган билим жеке тажрыйба бойдон кала бербеш керек, аларды сөзсүз андан ары жайылтуу жана практикада колдонуу зарыл. Мына ушинтип жалпы жамааттын өнүгүүсүнө чакан, бирок маанилүү салым кошулган болот.

# Швейцария Өкмөтү жана Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги каржылаган, Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) жаңылыктары



## Кум-Бел аймагынын жашоочулары эми таза жерде жашашат

2014-жылдын 2-декабрында ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ Кум-Бел айыл өкмөтүнүн башчысы Мукаш АРТЫКБАЕВге 1 млн. сомго сертификат тапшырды. Бул каражат таштанды чыгаруу боюнча атайын техниканы сатып алууга багытталган.

2014-жылдын май айында Долбоор Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы жаңы пилоттук элеттик муниципалитеттердин аймагында өз ишин баштады. Жаңы пилоттук муниципалитеттердин арасында Кум-Бел айылдык аймагы да бар болчу. Анын жашоочулары таштанды чыгаруучу техниканын эскиргенинен улам айылдарда тазалык жоголгонуна көп убакыттан бери даттанып келатышкан. Ошону менен бирге жаз-жай мезгилдери башталар менен жугуштуу оорулардын деңгээли жогорулай түшөт, мындан биринчи кезекте балдар жана кары-картаңдар жабыркашууда. Калктын баамында, таштанды чыгаруу үчүн атайын техниканы сатып алуу, же катуу тиричилик калдыктарын (КТК) тазалоо жана чыгаруу боюнча ишкананы түзүү – ЖӨБ органдарынын артыкчылыктуу милдети. Жергиликтүү калк атүгүл кызмат көрсөтүүнү төлөөгө жана уюштурууга да даяр болчу. «Биздин Долбоордун алкагында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жана жергиликтүү жамааттын турмуш шартын жакшыртууга багытталган демилгелерди колдоого колдонула алчу каражаттар каралган, - деди Долбоордун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ. – Башкача айтканда, алар анкета толтуруунун, фокус-топтордун жана элет көйгөйлөрүн биргелешип аныктоо (ЭКБА-сессиялар) боюнча иш-чаралардын жардамы менен калктын катышуусунда аныкталган артыкчылыктарга шайкеш келиш керек. Биздин практикабызда калыптанып калгандай, гранттык каражаттар элеттик муниципалитеттердин жергиликтүү бюджеттерине которулган. КР Каржы министрлигинде окуудан өтүп, ЖӨБ кызматкерлери сатып алууларды өз алдынча жүргүзүшкөн». Элет көйгөлөрүн аныктоо боюнча өткөрүлгөн сессиялардын жыйынтыгы боюнча, Кум-Бел муниципалитетинин жашоочулары атайын техниканы – таштанды жыйноочу жүк ташуучу машинени сатып алууну чечишет. Долбоордун гранттар боюнча

менеджери Султан МАЙРАМБЕКОВдун айтымында, Кум-Бел ЖӨБ органдары бир булактан сатып алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо дагы, техниканы сатып алууга тендер жарыялашат. «Айыл өкмөттүн өкүлдөрү кошуна муниципалитеттерде ушул өңдүү техниканын иши жана сапаты менен таанышып чыгып, импорттук комплекттерден турган техниканы бул жерден чогултуп, даярдоо начар болуп каларын аныкташты, - дейт С.МАЙРАМБЕКОВ. – Практиканы үйрөнүп чыгып, бир вариантка токтолушту: сапатка карата талаптарды сактоо үчүн техниканы чогултуу иши Орусиянын аймагында жүргүзүлөт. Бүгүнкү күндө алар жалпы баасы 2 340 000 сомду түзгөн техникага ээ болуп отурушат. Бул акчанын ичинен 1 340 000 сому Кум-Бел айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен бөлүнгөн». Эскерте кетсек, сентябрда Бишкекте Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын жети элеттик муниципалитети трактор сатып алууга ар бири 1 млн. сомдук сертификаттарды алышкан.

# Жалал-Абад облусунун Баймундуз айылынын токсон мектепке чейинки окуучусу жаңы ачылган "Баястан" бала бакчасына барышат

2014-жылдын 17-декабрында Жалал-Абад облусунун Бешик-Жон айылдык аймагынын Баймундуз айылында "Баястан" бала бакчасынын салтанаттуу ачылышы болду. Бул кубанычтуу окуяны жергиликтүү тургундар менен кошо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары белгилешти. Жаңы ачылып жаткан бала бакчага эми 90 наристе бара алат, ал эми бул балдардын ата-энелеринде чарба жүргүзүү жана жумушка орношуу үчүн көбүрөөк убакыт пайда болот.

Бешик-Жон АӨ башчысы Алтынбек АДИШОВдун айтымында, 2012-жылы аталган бала бакчанын курулушуна жергиликтүү бюджеттен 1,5 млн. сом бөлүнгөн. Бирок бул каражат курулушту аягына чыгаруу үчүн жетпей калган. "Биз ишибизди жергиликтүү бюджеттин эсебинен баштаганбыз. Бирок курулуш иштери токтоп калган, - дейт ал. – Бала бакчанын курулуш иштерин бүткөрүү үчүн 2013-жылы Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун (ЭҮЖӨБОЖ) Чакан гранттар программасына табыштама бергенбиз. 2013-жылы сынакка катышкан жана жеңүүчүлөрдөн кийин эле эң көп упай топтогон табыштамалардын ичинен донор берген кошумча каржылоонун эсебинен колдоо көрсөтүлө турган 10 долбоор тандалып алынган. Ошолордун арасында биздин да муниципалитет бар болчу. Швейцария Өкмөтүнүн чечими менен 1 млн. сом өлчөмүндө кошумча каражат бөлүндү. "Баястан" бала бакчасынын курулушу боюнча долбоордун жалпы суммасы 6 млн. 249 миң сомду түздү. Анын ичинен 2 млн. 199 миң сом жергиликтүү бюджеттен бөлүндү, 2 млн. 700 миң сомду Финансы министрлиги дем берүүчү грант түрүндө бөлдү, ал эми 350 000 сомду жергиликтүү тургундар чогултуп берди".

Бала бакчанын жетекчиси Гүлзат СЕЙДИЕВА жасалган иштер жана алдыдагы пландар менен мындайча бөлүштү: "2012-жылы эле чогулушта "Билим" Демилгелүү тобу ишке ашыруу үчүн долбоорду сунуштаган. Жергиликтүү тургундар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте бала бакчанын курулушу боюнча ушул долбоорго колдоо көрсөтүүнү чечишти. Бул абдан маанилүү чечим болуп калды. Анткени айыл боюнча бир дагы мектепке чейинки мекеме жок болчу. Эми 90 наристе бала бакчага баруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо, 13 тургун үчүн жумуш орундары түзүлдү. Балдардын ата-энелери, өзгөчө апалары "баламды кайда алып барсам" деп ойлонбой калды. Эми алар өзүнө кам көрүп, ишке орношо алат. Бул албетте үй-бүлөлүк бюджетке да жакшы таасирин тийгизет. Жаңы бала бакча – бул биздин айылдын инфраструктурасынын өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизчү жаңы мекеме", - дейт ал.

Курулуштун жүрүшүндө товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылды. Долбоордун көмөгү менен айыл өкмөттүн кызматкерлери мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашыруу боюнча "Мамлекеттик сатып алууларга карата КР мыйзамдарынын талаптарынын негиздери" аттуу темада атайын окуудан өтүштү. Бешик-Жон АӨ өз алдынча өткөргөн жана курулуш иштерин соңуна чыгаруу максатында жарыяланган тендердин жыйынтыгы боюнча "Абдилазов" ЖИ подрядчы уюму жеңүүчү деп табылды. Аталган уюм 2014-жылы курулуштун жыйынтыктоочу жумуштарын ишке ашырды: төшөлмө жайылып, жылуулук киргизилип, канализация системасы өткөрүлүп, дубалдар жаңыланды. Ошондой эле айыл тургундары өздөрү эмеректерди, төшөнчүлөрдү, килемдерди, балдардын билим алуусу үчүн зарыл болгон буюмдарды сатып алышты; бала бакчанын тегереги тосулуп, көрктөндүрүлдү. Биргелешкен аракеттер менен айыл жашоочулары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары маселени чогуу чечип, жаңы мектепке чейинки мекемени ача алышты.

# Дем берүүчү гранттарды бөлүштүрүүнүн натыйжалуулугу артып баратат

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун катышуусу менен КР Финансы министрлиги тарабынан "Үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандап алуу жана каржылоо тууралуу Жобону жана долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу Тартибин бекитүү жөнүндө" КР Өкмөтүнүн Токтомунун долбоору иштелип чыкты. Жаңы жобонун өзгөчөлүктөрү:

- долбоорлорду тандап алуу райондук деңгээлде, ошондой эле облустук жана республикалык маанидеги шаарлардын деңгээлинде жүзөгө ашырылат,
- долбоорлорду критерийлердин негизинде балл менен баалоо системасы киргизилген,
- дем берүүчү гранттын көлөмүн бөлүштүрүү формула боюнча эсептелген квота боюна жүзөгө ашырылат,
- долбоорлорду тандап алууда жана ага мониторинг жүргүзүүдө жарандык коом уюмдарынын ролу жогорулады, долбоорлорду техникалык ишке ашырууда ЖӨБ органдарынын иш тартиби белгиленди.

Өнүктүрүү саясат институтунун колдоосу алдында Жалал-Абад, Каракол жана Бишкек арларында жаңы документтердин долбоорлору талкууланды. Бул талкуу Каракол жана Бишкек шаарларында улантылмакчы. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, шаар куруу жана архитектуранын райондук бөлүмдөрүнүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн атынан талкуунун катышуучулары документтердин долбоорлоруна өз толуктоолорун жана кошумчаларын беришти.

# Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар үчүн пилоттук окуулардын цикли аяктады

2014-жылдын 20-декабрында Караколдо 2013-2017-жылдарга мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу системасын өнүктүрүү Программасына киргизилген окутуунун механизмдерин сыноого багытталган пилоттук окуулардын алкагында кошумча – бешинчи топтун катышуучуларына салтанаттуу түрдө сертификаттар тапшырылды.

Бешинчи топ – Ысык-Көл облусундагы ЖӨБ органдарынын 12 муниципалдык кызматчысы Каракол шаарындагы К.ТЫНЫСТАНОВ атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде 2014-жылдын 1-декабрынан 20-декабрга чейин билим алышкан.

Окуу цикли Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы менен биргеликте ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында өткөрүлгөн.

Долбоордун буйрутмасы менен айыл өкмөттүн финансылык-экономикалык бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин (400 кишинин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктарынын негизинде) үчүн тандалап алынган темалар боюнча окуу модулдарын иштеп чыгышкан:

- мамлекеттик сатып алуулар;
- жергиликтүү экономикалык өнүгүү;
- аймактын инвестициялык жагымдуулугу. Бюджеттен тышкаркы каражаттарды тартуу;
- айылдык аймактардын өнүгүүсүн стратегиялык пландоо;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруучулук-укуктук негиздери;
- жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу;
- муниципалдык менчикти башкаруу;
- компьютердик сабаттуулуктун негиздери;
- муниципалдык кызматтын укуктук негиздери.


Курстардын узактыгы 18 окуу күнүн түздү (күнүнө 8 сааттан 21 календардык күн).

Ушул өңдүү курстар 2014-жылдын июнь-июль айларында Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын ЖӨБ органдарынын муниципалдык кызматчыларынан турган төрт топ (70 киши) үчүн өткөрүлгөн.

Пилоттук окутуу тендердин негизинде тандалып алынган подрядчылар тарабынан өткөрүлдү – Бишкек Финансы-Экономикалык Академиясынын, К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин, КР каржы министрлигинин Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы. Окуу борборунун консорциуму.



# Арал АА өкүлдөрү үчүн муниципалдык сайтты башкаруу боюнча практикалык семинар



2014-жылдын 19-декабрында Бишкекте Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы Арал муниципалитетинин өкүлдөрү үчүн муниципалдык сайтты башкаруу боюнча практикалык семинар өттү. Семинарга Арал АӨ башчысы жана жооптуу катчысы катышты. Алар мындан ары бул багытта ишти алып барышмакчы.

Семинарда тренер болгон Жибек ТУРГАНБАЕВА - Арал муниципалитетинин өтүнүчү боюнча түзүлгөн www.aral-aimak.kg сайтын да иштеп чыккан Weltkind's Web Works студиясынын дизайнери.

«2013-жылы эле биз Өнүктүрүү саясат институтунун ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун (мындан ары – Долбоор) алкагында Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын ЖӨБ органдары арасында муниципалдык сайтты иштеп чыгууга жарыялаган сынакка катышканбыз, - деп айтып берди Арал АӨ башчысы Асылбек АБДЫКАДЫРОВ. – Сынактын жыйынтыгы боюнча 2 муниципалитет жана 1 р-н тандалып алынган. Биздин сайт мурда эле иштелип чыккан, бирок бир катар себептерден улам эми гана анын ишин жөнгө салып жатабыз. Бүгүнкү семинарда биз бөлүмдөрдү өз алдынча жаңылаганды, сүрөттөрдү жайгаштырганды жана редакциялаганды, аларды соцтармактарга жүктөгөндү үйрөндүк. Эми биз өз сайтыбызда айыл өкмөттүн жана айылдык кеңештин расмий документтерин жайгаштыра алабыз, бул бизди абдан кубандырууда.



# ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун өнүктөштөрү борборлоштурууну азайтуу боюнча Польшанын тажрыйбасын үйрөнүп келишти



2014-жылдын декабрында кыргызстандык делегация борборлоштурууну азайтуу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча тажрыйбаны үйрөнүү үчүн Польшага багыт алды. Делегациянын курамына Жогорку Кеңештин, Өкмөт аппаратынын, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этникалык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү кирди.

Делегация Польша Республикасынын Президентинин кеңешчиси, өлкө Парламентинин (Сейма) мүчөлөрү, Варшава жана Легионово, Йозефово, Боровие өңдүү башка муниципалитеттердин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү менен жолугушуп, аналитикалык борборлордо жана башка коомдук уюмдарда болушту. Сапардын жүрүшүндө делегация мүчөлөрү Польшадагы мамлекет менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара мамилелери, жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу механизмдери, муниципалдык башкаруунун практикасы менен таанышып чыгышты.

Сапардын жыйынтыктары тууралуу кеңири баянды "Муниципалитет" журналынын кийинки санынан окуй аласыз.